92(кыр)
А 62

С.М. Амиралиев

АР САБАКТАН БИР СУРОО

(1000 СУРОО-ЖООП)

Бул өлкөнү баш кийимдин аты менен аташат. Кайсы өлкөнү?

Планеталардын ичинен шакек тагынганы кайсы?

60 центнер көппү же 6 тоннабы?

Кайсы өсүмдүктүн аталышы шыңгыраган үн менен байланыштуу?

Компьютердин “почерки” эмне?

Кандай талааны эгип-себүүгө болбойт?

Бишкек - 2016

92(кыр)
А 62

С.М. Амиралиев

АР САБАКТАН БИР СУРОО

(1000 СУРОО-ЖООП)

Автор-түзүүчү - С.М. Амиралиев

8540 V

1003702

Бишкек – 2016

УДК 030
ББК 92
А 62

Ош МУнун Чет тилдер факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин чечиминин негизинде студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу боюнча усулдук колдонмо катары басмага сунушталган

Пикирчилер:
С.Ш. Калыгулова - Чет тилдер факультетинин деканы, филология илимдеринин кандидаты, доцент
А. Муратов - Ош билим берүү институтунун директору
Б.М. Канназаров – З. Ормонов атындагы орто мектептин математика мугалими, философ

Амиралиев С.М.
А 62 **Ар сабактан бир суроо** (1000 суроо-жооп). //- Б.:«Бийиктик-плюс», 2016 – 180 б.

ISBN 978-9967-33-179-2

Сунушталып жаткан эмгекте илимдин түркүн тармагы жана орто мектептин окуу программасына кирген предметтер боюнча түзүлгөн ар түрдүү кызыктуу, тамашалуу, ошол эле учурда интеллектуалдык суроо-жооптор камтылган. Китептин материалдарын класстан тышкаркы иштерди уюштурууда жана предметтер аралык викториналарды, конкурстарды, ачык сабактарды жана интеллектуалдык оюн-зооктору уюштурууда кеңири колдонсо болот.

Китеп мектеп мугалимдерине, окуучуларга, студенттерге жана жалпы эле орто билимин жана кругозорун байытууну каалаган окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

А 5001000000-16

ISBN 978-9967-33-179-2

УДК 030
ББК 92

© С.М. Амиралиев

МАЗМУНУ

Кириш сөз 5
Пикирлер....7
§ 1. Англис тили боюнча суроолор 10
§ 2. Астрономия боюнча суроолор 16
§ 3. Башталгыч класстардын окуучуларына багытталган суроолор....21
§ 4. Биология, зоология боюнча суроолор 25
§ 5. География боюнча суроолор 29
§ 6. Геометрия боюнча суроолор 33
§ 7. Дене тарбия боюнча суроолор 39
§ 8. Дүйнө тарыхы боюнча суроолор 44
§ 9. Информатика боюнча суроолор 49
§ 10. Кругозор боюнча суроолор 53
§ 11. Кыргыз адабияты боюнча суроолор 58
§ 12. Кыргызстан тарыхы боюнча суроолор 62
§ 13. Кыргыз тили боюнча суроолор 66
§ 14. Манас таануу боюнча суроолор 70
§ 15. Математика боюнча суроолор 74
§ 16. Музыка боюнча суроолор 80
§ 17. Орус адабияты боюнча суроолор 84
§ 18. Орус тили боюнча суроолор 89
§ 19. Физика боюнча суроолор 94
§ 20. Химия боюнча суроолор 99
§ 21. Эмгек, технология жана сүрөт сабактары боюнча суроолор 104

Жооптор

Англис тили боюнча суроолордун жооптору 109
Астрономия боюнча суроолордун жооптору 113
Башгалгыч класстардын окуучуларына багытталган суроолордун жооптору 115

Биология, зоология боюнча суроолордун жооптору 118
География боюнча суроолордун жооптору.....121
Геометрия боюнча суроолордун жооптору 124
Дене тарбия боюнча суроолордун жооптору 130
Дүйнө тарыхы боюнча суроолордун жооптору 133
Информатика боюнча суроолордун жооптору 136
Кругозор боюнча суроолордун жооптору 139
Кыргыз адабияты боюнча суроолордун жооптору 143
Кыргызстан тарыхы боюнча суроолордун жооптору.....145
Кыргыз тили боюнча суроолордун жооптору 148
Манас таануу боюнча суроолордун жооптору 151
Математика боюнча суроолордун жооптору 153
Музыка боюнча суроолордун жооптору 158
Орус адабияты боюнча суроолордун жооптору 161
Орус тили боюнча суроолордун жооптору 164
Физика боюнча суроолордун жооптору 167
Химия боюнча суроолордун жооптору 171
Эмгек, технология жана сүрөт сабактары боюнча суроолордун жооптору 174
Адабияттар.....178

Кириш сөз

Бүгүнкү күндө мамлекетибиздеги мектеп окуучуларынын илим-билимге, окуп жаткан предметтерине болгон кызыгуулары төмөндөп бара жаткансыйт. Буга уюлдук телефондордун, айрыкча алардагы ар түрдүү мүнөздөгү оюндардын, Интернеттин андагы социалдык тармактардын, компьютердик оюндардын алаксытуусу, окуу китептеринин эскилиги, мугалимдердин жетишсиздиги, көпчүлүк мектептерде ийримдердин, атайын секциялардын өз функцияларын жетиштүү аткарбагандыгы, оюн форматында иштелип чыккан электрондук, мултимедиялык каражаттардын жана китептердин жоктугу ж.б. көптөгөн факторлор себеп болууда деп ойлойбуз. Андыктан осүп келе жаткан жаш муунду аздыр-көптүр окуп жаткан предеттерине жана илимдин түрдүү чөйрөсүнө, өздөрүн курчап турган табышмактуу дүйнөгө болгон кызыгууларын ойготуп, алардын билимге умтулуусуна стимул, мотивация болуп берүү зарылчылыгы келип чыккандыктан, бул эмгекти жаратып жатабыз. Андыктан анын иштиктүү ыйык максаты катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

- ❖ окуучулардын кругозорун кеңейтүү, билим тажырыйбаларын, билгичтик менен көндүмдөрүн активдештирүү, логикалык жана аналитикалык ойлоо жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;
- ❖ окуп-үйрөнүп жаткан предметтерине жана ар түрдүү илимий чөйрөгө болгон бекем кызыгууларын калыптандыруу жана арттыруу;
- ❖ мектеп предметтери боюнча кызыктыруучу викториналарды, конкурстарды өткөрүү аркылуу катышуучулардын эрудициясын жогорулатуу, аларды ар тараптан кызыктуу маалыматтар менен камсыздоо ж.б.

Китепте өлкөбүздүн орто мектептеринде окулуучу ар кыл предметтер жана илимий тармактар боюнча түзүлгөн, классган тышкаркы иштерде, түрдүү мүнөздөгү көңүл ачуучу интеллектуалдык оюн-зооктору, конкурстарды, олимпиадаларды өткөрүүдө, экзаменге жана жалпы республикалык тестирлөөгө даярдануда даяр материал болуп берүүчү викториналык мүнөздөгү кызыктуу, шайыр, кыска, нуска суроо-жооптор камтылды. Жалпысынан жыйнакка 20 илимий жана предметтик тармак боюнча (ар бир тармактан 50 суроо-жооп) 1 000 + кругозор боюнча 50 суроо жооптору менен киргизилди. Бул эмгекти жазып, коомчулукка тартуулап жаткан иш-аракетибизди алгачкы эксперименталдык кадамыбыз деп эсептейбиз, буюрса, окурмандар жылуу кабыл алышат деген зор ишеничтебиз. **Эскертүү:** китеп басылып чыкканга чейин кесипкөй адистердин кароосунан өткөрүлдү.

Жыйнак жөнүндөгү кеп-кеңешиңиздерди жана сын пикирлериңиздерди төмөнкү телефондорго жана электрондук адрестерге билдирүүңүздөрдү суранабыз: **Амиралиев, Семетей Манасович – 0559 03-03-87, 0772 45-71-19, amiraliev.semetei@mail.ru, sem.87.90@mail.ru**



Пикирлер

Кыргыз тилиндеги мындай китептер сейрек кездешет

Бул эмгек инсандын универсалдуу интеллекттин аныктоо жана текшерүү максатында жазылган ар кыл илимий тармактар боюнча түзүлгөн суроо-жооптор жыйнагы. Психология илиминде "интеллект" терминин чечмелөөнүн ар түрдүү варианттары бар, суроо-жооптор жыйнагынын автору өзүнүн ушул эмгеги аркылуу негизги түшүнүк катары төмөндөгүдөй аныктама бергендиги байкалып турат: а) жаңы милдеттерди кое билүү жана чечүүдөгү адамдын универсалдуу билим деңгээлинин мүмкүнчүлүгү; б) окуу, изденүү жана үйрөнүү мүмкүнчүлүгүн жыйынтыктап аныктоочу фактор.

Дал ушундай интеллекттин маанисин түшүнүү менен суроо-жооптор жыйнагынын түзүлүшү, курамы, андагы маселелер аркылуу окуучунун дүйнө таанымын аныктоо жана кеңейтүү методун туура колдоно билүү аталган эмгектин баалуулугун айгинелейт.

Бул сыяктуу предметтик суроо-жооптор жыйнагы көбүнчө орус тилинде басып чыгарылган, кыргыз тилдүү аудиторияга арналып жарыяланган кыргыз тилиндеги мындай китептер сейрек кездешет. Орто мектептин окуучулары жана жогорку окуу жайдын студенттери, ошондой эле ар тараптуу кругозорунун деңгээлин билүүгө кызыккан бардык инсандарга арналган эмгектин кыргыз тилинде жазылганы эмгектин баалуулугун дагы арттырат.

С.Ш. Калыгулова *- филология илимдеринин кандидаты, доцент, Чет тилдер факультетинин деканы. 2016-жыл.*

Келечек үчүн дагы бир нускама

Китепте бүгүнкү күндөгү билим берүүнүн негизги проблемаларынын бири жөнүндө маселе көтөрүлгөн. Ал балдарды өз учурунда акылдуу, билимдүү жана зирек сапатта тарбиялоо керек деген максатты көздөйдө. Мунун өзү асыл максат, эң чоң иш эмеспи. Албетте, бүгүн балдарга сырттан жүздөгөн, миңдеген күчтөр ачык таасир этип турат. Алар балдар үчүн эң кызыктуу, тың калыштуу жана оной-олтоң өздөштүрүлүүчү таасирлер. Аңдаганга заманбап өсүп-өнүгүү сыяктуу көрүнгөнү менен оңунан терси окумсүгөн, азгырыктуу, ала-булага алаксыткан, кызыгынан коркунучу күчтүүрөөк таасирлер. Чындап эле, аңдаганга баланын дүйнө таанымы осол ойлор, түпөйүл пикирлер менен толуп, жашоодо алсыз аракет, чабал чечим менен жашоочу жаштардын катмары калыңдап келаткандай. Биз мындай таасирлерди токтотуп коюуга же аларга тыюу салууга кудуретибиз да жок, мүмкүн да эмес. Аларга таасир этпегиле деп каршы күрөшүү дегинкиси күлкү келтирээрлик пикир. Же болбосо, жел тегерменди токтотом деген атактуу насаатка барабар.

Акыл калчап көрөлүчү... Балага баарынан жогору, баарынан кымбат турган, баарынан күчтүү таасирлер анын ички туйгулары эмеспи. Биринчиден, баланы ошолор башкарат. Болгондо да өмүр бою башкарат. Биз балдардын ички кызыгуусу, ички туйгулары менен эсептешишибиз керек. Жаш окумуштуу, Семетей мырза ушунун үстүндө билек түрүп иштеп жаткандай. Деги китептин жазылуу максаты да ушул экендиги көрүнүп турбайбы. Экинчиден, китепти колуна алып, анын баракчарына үңүлүп, эмнелер жазылганына саресеп салган ар бир жаш адам, деги эле бардык адамдар көпкө чейин андан арыла албай жатып, дээрлик бардык бетин окуп чыгат деген ойдомун. Кызыгы, китепти каалаган бетинен баштап окуса болот. Кааласа артынан алдыга карай. Кааласа ортосунан.

Кааласа ар жеринен. Демек, кызыккан жеринен издеп окуса болот. Мындай китептерди "кол китеп" деп коебуз.

Бул китепти мен жаштардын (жаштардын эле эмес) кол китебине айланат деген ишенимчтемин. Китепке шыдыр жолдогу жорго жүрүштү каалаймын.

Абдыкерым Муратов. Ош билим берүү институтунун директору. 2016-жыл. 25-август. Ош шаары.

Китебиң ак жолтой болсун!

Амиралиев Семетей Манасовичтин кезектеги бул жазган китеби жалпы журттун жүрөгүнөн түнөк табат деген бекем ойдомун. Анткени бул китеп интеллектуалдуулугу, ошондой эле суроо-жооп иретинде берилгендиги менен, окуучулардын билим деңгээлин, логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүшүнө толук ишенем. Себеби китепте окутуунун стандарттык эмес усулдары, предметтер аралык оюн-зоок, викториналарды өткөрүүдө колдонулуучу кызыктуу суроолор, маселелер ж.б. камтылган.

Аталган инсандын буга чейин жарык көргөн "1111 баш катырма", "Билерман ордо", "Брейн-ринг (акыл таймаш китеби)" ж.б. ондогон эмгектери окурмандардын жан дүйнөсүнөн түнөк таап, калктын калың катмарына аттын кашкасындай таанымал болгон. Колуңуздардагы бул китеп дагы автордун жогоруда аталган эмгектеринин катарын толукташына шек жок.

Семетей, сага узун өмүр, бекем ден соолук, ар күн сайын ийгиликтер жылоолоп жүрсүн. Китебиң ак жолтой болсун!

Канназаров Бекназар *– З. Ормонов атындагы орто мектептин математика мугалими, философ.*

Баткен району, Сары-Талаа айылы. 16.10.2016

§ 1. Англис тили боюнча суроолор

1. Англис тилиндеги эң кыска сүйлөм кайсы?

2. Англисче бул сөздүн акыркы төрт тамгасын алып салса да, айтылыш ошол бойдон калат. Ал кайсы сөз?

3. «The quick brown fox jumps over the lazy dog». Бул сүйлөмдүн алфавитке тиешелүү кандай өзгөчөлүгү бар?

4. Великобританияда 31-октябрда кандай майрам белигенет?

5. Келин дегенди билдирген ***bride*** сөзү үй-тиричиликке байланыштуу эмнени билдирген байыркы протогерман этишинен келип чыккан?

6. Англис тилинде тамгалары кайталанбаган эң узун сөз кайсы?

7. ***Screeched*** сөзү англис тилиндеги башка сөздөрдөн фонетикалык планда эмнеси менен айырмаланат?

8. Бул тамга - отө жыш колдонулган үндүү тамга, б.а., жазылган англисче тамгалардын ар бир сегизинчиси ошол. Ал кайсы рекордистмен тамга?

9. Шараданы чечмелегиле.

My first is the two letters which begin the English Alphabet,
My second is the Past Tense of the verb "to send",
My whole is the antonym of "present".

10. АКШда анын жыйырма төрт түрү бар. Бизде болсо түндүк, түштүк деген эки эле өзгочөлүгү кезигет. Эмненин?

11. ***Never, just, always, yet, already, ever*** тактоочтору кайсы чак менен колдонулат?

12. Англис тилинде оңдон да, солдон да бирдей окулган создор бар. Аларды палиндром деп аташат, мисалы, ***eye*** (көз), ***kayak*** (байдарка), ***racecar*** (жарыштагы машина). Эң көп колдонулган дагы бир ушундай сөздү тапкыла.

13. Кырк беш тамгадан турган, аба жолу аркылуу жугуучу ооруну билдирген ***pneumonoultramicroscopicsilicovolcanoconiosis*** сөзү эмнеси менен белгилүү?

14. ***Large - small, up - down, left - right, fast - slow, young - old.*** Булар кандай создор?

15. А) ***News*** сөзү кыскартылган сөз экендиги белгилүү. Маалымат дүйнөнүн төрт бурчунан алына тургандыгын эске алып, бул сөз кайсы сөздөрдөн келип чыккан деп ойлойсуңар? **Б)** Интернеттеги ***www*** (үч даблю) сөзү - кыскартылган сөз. Дүйнөнүн кең жана жөргөмүштүн желесиндей чырмалгандыгын эске алганда, бул сөз кандайча чечмеленет?

16. "God be with you" сүйлөмүдөн ар күнү колдонулуучу эң популардуу кайсы фраза келип чыккан?

17. ***Always, often, usually, sometimes, every day, on Mondays, at 7 o'clock*** ж.б. тактоочтор кайсы чактык топто колдонулат?

18. Томөнкү тексттин ичинен 12 катаны таап оңдогула.

Deer Jane!

Thank you four your letter. I am so glad what you wrote to I! Everyone is phine with me. I am prepare for entrance examz to the university. I would love to invite you to came and watch me next

weak. Please let me know if this is convenient four you. I hope to sea you soon.

Your Jack.

19. ***Peach, pear, chicken, apple, banana. Cold, warm, dry, sky, cloudy***. Бул создордун ичинен кайсылары ашыкча?

20. Табышмактын жообун тапкыла.

Clean, but not water,
White, but not snow,
Sweet, but not ice-cream,
What is it?

21. Табышмактын жообун тапкыла. There was a green house. Inside the green house there was a white house. Inside the white house there was a red house. Inside the red house there were lots of babies. What is it?

22. Ар бир сөзгө уйкаш келген бирден сөз жазгыла.

Pie - sky
Phone - .....
Book - .....
Bad - .....
Cat - .....

23. Бул спорттук оюнда оюнчулар топту сеткадан ашыра ыргытып ойношот. Англис тилинде бул оюнду эмне дешет?

24. Sheep – lamb, cow – calf, horse – foal. Ал эми goat - ..... Эмне?

25. ***Flutterbyes*** бул соз менен качандыр бир мезгилде курт-кумурскалар тобуна кирүүчү, учуп жүрүүчү жандык аталган. Кайсы?

26. Англис тилиндеги эң таркалган (көпчүлүк сөздөрдө камтылган) үнсүз тамга кайсы?

27. Алфавитте «Jj» тамгасы кайсы тамгадан кийин келет?

28. Англис тилинде «-gry» мүчөсү менен аяктаган популярдуу эки сөз бар. Алардын бироосу – «angry», экинчиси кайсы?

29. Кайсы университет Великобританиядагы эң эски университет болуп саналат?

30. ***Alphabet*** сөзү грек алфавитинин баштапкы эки тамгасынан келип чыккан. Кайсы баштапкы тамгаларыдан?

31. ***Glasses, scissors, trousers, jeans, pyjamas.*** Бул кандай зат атоочтор делет?

32. Англис тилиндеги «und-» менен башталып «-und» менен бүткөн жападан жалгыз сөз кайсы?

33. Табышмактын жообун тапкыла. What man cannot live inside the house?

34. Бул таблицада эмненин айырмачылыктары берилген?

color, favor, labor	colour, favour, labour
traveled, canceled	travelled, cancelled
catalog, dialog	catalogue, dialogue
theater, meter, center	theatre, metre, centre
program	programme

35. Адамдын колун билдирген ***arm*** жана ***hand*** сөздөрүнүн айырмачылыктары кандай?

36. SOS, FAQ, UK, USA кыскартылган сөздөрү кандайча чечмеленет?

37. Present Indefinite Tense тобундагы үчүнчү жакка таандык этиштерге жана зат атоочтордун көптүк түрүнө «s» жалганат. Ал эми ошол эле зат атоочтор жана этиштер *x, o, sh, ch, ss, se* тамгалары менен аяктаса, дагы эле «s» мүчөсү жалганабы?

38. *-able; -ible, -al, -ful, -ic, -ive, -less, -ous, -y.* Бул суффикстер эмнени билдирет?

39. Англис тилинде канча туура эмес этиш бар?

40. Англис тилинде этиштин канча чагы бар?

41. *-ly* курама мүчөсү бизге эмнеси менен белгилүү?

42. Великобритания канча бөлүктөн турат? Бардык бөлүктөрүн санап бергиле.

43. Англис тилиндеги бир дагы үндүү тыбыш катышпаган эң узун сөз кайсы?

44. Шараданы чечмелегиле.

My first is what we do after we get up,
My second is the suffix of Participle I,
My third is the letter which comes after "s",
My fourth is a preposition,
My whole is a capital of a state.

45. Англис тилиндеги көпчүлүк сөздөр ушул тамгадан башталат. Ал кайсы берекелүү тамга?

46. Англис тилиндеги этиштин өткөн чактагы «-mt» мүчөсү менен аяктаган жападан жалгыз формасы кайсы?

47. А) Табышмактын жообун тапкыла. A little old woman with twelve children. Some short, some long, some cold, some hot. What is she? Б) *Leaf, city, key, knife, foot, mouse, ox* сөздөрүнүн көптүк түрлөрү кандай болот?

48. А) Түстөрдү билдирген төмөнкү сөздөрдүн баш тамгалары очүп калган. Аларды тапкыла: *.reen, .ellow, .lue, .lack, .hite, .rey.* Б) Бириккен Королдуктун (United Kingdom) бөлүктөрүн борбор шаарлары менен туташтыргыла.

1. England	a) Edinburgh
2. Wales	b) London
3. Scotland	c) Belfast
4. Northern Ireland	d) Cardiff

49. А) *To speak* этишинин Future Perfect чагындагы формасы кандай болот? Б) A person who makes sure that players act according to the rules of a game or sport. Демек, ал ким?

50. А) Төмөнкү макалдардын уландысын тапкыла: *Knowledge is ….. Better late ….. Actions speak louder …..* Б) Төмөнкү варианттардын ичинен кайсынысы аба ырайы менен байланыштуу: a) *occupation, job;* b) *shop, club;* c) *ability, due;* d) *forecast, lightning.*



§ 2. Астрономия боюнча суроолор

1. Күндү айланган планеталардын ичинен шакек тагынганы кайсы?

2. Күн массасы боюнча кайсы планетадан болжол менен 333 000 эсе чоң?

3. Күн системасындагы эң чоң планета кайсы?

4. Уран, Сатурн, Юпитер, Жер, Марс, Венера, Плутон, Меркурий жана ..... Бул жерде 9 чоң планетанын кайсынысы аталган жок?

5. Астрономияда немец окумуштуусу Иоганн Кеплердин канча законун белгилеп жүрүшөт?

6. Иоганн Кеплердин биринчи законуна ылайык ар бир планета Күндүн айланасында кандай орбита боюнча айланат?

7. Меркурий планетасын эмне үчүн чанда гана көрүүгө болот?

8. Польшалык кайсы улуу окумуштуу Жердин кыймылсыздыгы жөнүндөгү диний ой-пикирлерди четке какты?

9. Астрономиялык изилдөөлөр жүргүзүлүүчү жана астрономиялык кубулуштарды байкоо үчүн атайын курулган илимий ишкана кандайча аталат?

10. γ, δ, ω. Бул тамгалардын аталыштары кандай?

11. «Күн системасы тартипсиз айлануу кыймылында болгон муздак чаңдын булутунан пайда болгон» деген гипотеза кимге таандык?

12. Кандай жылдыздарды «протожылдыздар» деп аташат?

13. Жылдын узактыгы канча убакытка созулат (сутка, саат, мүнөт менен алганда)?

14. 380 000 км. Бул цифра эмнени билдирет?

15. Жазгы күн-түн теңелүү кайсы датага туура келет?

16. Качан күзгү күн-түн теңелүү болот?

17. Алтын Казык кайсы жаркырак жылдыздын өтө көп колдонулган аты?

18. Жердин кайсы жылдызга чейинки орточо аралыгы 150 000 000 км? Ал гигант жылдыз эмне деп аталат?

19. 3 ай 88 сутка. Бул кайсы планетанын айлануудагы эң кыска мезгили?

20. Куралданбаган көзгө көрүнгөн жылдыздардын саны канча?

21. Жердин табигый жандоочусу эмне деп аталат?

22. Асман телолорун байкоо үчүн колдонулуучу прибор эмне деп аталат?

23. Планеталардын арасындагы мейкиндиктен жерге түшкөн тело эмне деп аталат?

1003702

24. Ю.А. Гагарин учкан космос кораблинин аталышы кандай эле?

25. Жердин газ кыртышын эмне дейбиз?

26. Атмосферадагы суу бууларынын топтолуусун эмне деп ет?

27. Жылдыздар жана галактика дүйнөсүн бир сөз менен атагыла.

28. Жердин Күндү толук айланып чыгуу убактысы эмне?

29. Бийиктикген ылдый карай абанын температурасы көтөрүлөбү же төмөндөйбү?

30. Эң биринчи космоско учкан космонавт аял ким?

31. Космоско учуу шарттарын үйрөнүүдө тажрыйба үчүн колдонулган жаныбар кайсы?

32. Космосто болуп, Жерге аман-эсен кайтып келген иттердин кличкаларын атагыла?

33. Ал – Күн системасындагы борбордук тело, шар формасында болуп, абдан ысык келет, газдардан турат жана Жердеги энергиянын негизги булагы. Ал эмне?

34. Жашоо өкүм сүргөн жападан жалгыз планета кайсы?

35. Күн системасына канча планета кирет?

36. Ал – Күнгө эң жакын жайгашкан планета жана Айдан бир аз чоңураак. Кайсы планета тууралуу сөз болду?

37. Бул планетаны кээде кызыл планета деп дагы аташат, анткени анын бетинин көпчүлүк бөлүгү кызгыл сары түскө ээ. Айлануу мезгили жерге жакын бул кайсы планета?

38. Бул планетанын шакеги бар. Кайсы планетанын?

39. Күндөн эң алыста жайгашкан планетанын аталышы кандай?

40. Кайсы планетанын Күндүн айланасында айлануу убакты эң узак?

41. Кайсы планетанын бетинде эң жогорку температура бар?

42. Айдын көлөкөсүнө Жер жашынып алса, бул кубулуш эмне деп аталат?

43. Айдын бетине эң биринчи кайсы өлкөнүн космонавттары кадам коюшкан?

44. Жылдыздуу асманга байкоолорду жүргүзүүчү, аны сүроткө тартып алуучу жана жылдыздар менен планеталардын жашоосун окуп-үйрөнүүчү адам ким?

45. Айдын бетинде компастын жардамында багытты аныктаса болобу?


46. Айда күкүрттүн күйүүсү канча убакытка созулушу мүмкүн?


47. "Зенит" деген эмне?

48. Элестеткиле, силер айдын бетинде жүросүңөр. Бири-бириңе бир нерсе айтмакчы болдуңар. Бирок муну кантип ишке ашырасыңар?

49. А) Айда күн менен түндүн узактыгы канчага созулат? **Б)** *Комета* сөзү байыркы грек тилинде эмнени билдирет?

50. Астрологиялык картада арстан жылдызынан кийин кайсы жылдыз келет?





§ 3. Башталгыч класстардын окуучуларына багытталган суроолор

1. Жомокто кемпирдин 7 баласынын ар биринин өзгөчө болгон эмнеси бар болчу?

2. 60 центнер көппү же 6 тоннабы?

3. Карышкырлардын үйүрүнө түшүп калган бала жөнүндөгү китеп кандайча аталат?

4. Жомоктордо ким сыйкырчы, карыган аял, терс каарман катары катышат?

5. Актан менен Акылайдын эшегинин аты эмне?

6. Дүйнөдө баары эмне менен бүтөт?

7. «Ырыс алды - ынтымак» жомогунда атасы балдарына сындырыш үчүн эмнени бөлүп берет?

8. Эмне үчүн коен тоодон ылдый карай чуркай албайт?

9. Кайсы жер эч качан эскирбейт?

10. А.С. Пушкиндин жомогунда чал алтын балыкты жээкке канча жолу чакырат?

11. Кайсы кыргыз эл жомогунда атасы өз баласын уурулукка үйрөтөт?

12. Сүзо алган, бирок уча албаган жападан жалгыз канаттуу кайсы?

13. Эмне үчүн карышкырлар сууга жакын жерге байыр алышат?

14. Кайсы жаныбар көзүн ачпайт, бирок аябай жакын үрөп иштейт?

15. "Кат тааныбагандарды" кабыл алуучу мекеме эмне деп аталат?

16. Кар бүртүкчөсүндө канча кыры болот?

17. Жаш балдардын сүймөнчүлүгүнө ээ болгон мультфильм каарманы Шректин терисинин түсү кандай?

18. Бир нече окуучу кол кармашып жаңы жылдык арчаны айланып ырдап, бийлеп жүрүүсү эмне деп аталат?

19. Атанын алты уулу бар. Ар бир уулунун бирден эжеси дагы бар. Ошондо атада канча перзенти бар болот?

20. «Алтын куш» жомогунда бала тулпарды кантип алып чыгыш керек эле?

21. Кургактыкта жашаган эң чоң жаныбар кайсы?

22. Педалдары, мотору жок эки доңгөлөктүү жүрүүчү каражат эмне?

23. Кыргыз жомокторунда акылдуу кыз ким?

24. Эмне үчүн пилдердин кулактары абдан чоң болот?

25. Адамда канча негизги сезүү органы бар?

26. Шахмат доскасында канча клетка бар?

27. Жети шам күйүп турган болчу, алардын төртөөсүн очүрүп коюшту. Канча шам калды?

28. Азыркы иттерди кайсы жапайы жаныбардан келип чыккан деп айтышат?

29. Курт-кумурскалар тобуна кирүүчү кайсы жандык абдан тез басат?

30. Суу канча градуста кайнайт?

31. «Алтын балык» жомогунда эң ач көз адам ким?

32. Эмне үчүн түлкү табиятынан сары түстө, куйругунун учунда агы бар болуп жаратылган?

33. Алтын куш» жомогунда абышка-кемпирдин кайтарганы кайсы дарак?

34. Ар бир адам токтобостон бүткүл жашоосу бою эмне кылат?

35. Жер жүзүндөгү эң чоң жаныбарлар кайда жашашат?

36. Жаңы машиналарды, самолетторду куруучу адам кесиби боюнча ким болот?

37. «Чокчолой баатыр» деп кайсы жаныбарды атайбыз?

38. Кайсы даректын уруктарынан шоколад жасашат?

39. Жыгачтан эмес, айнектен жасалган кичинекей үй. Анын жашоочулары – абдан чебер сүзүүчүлөр. Сөз эмне жөнүндө болуп жатат?

1003708

40. «Чыпалак бала» жомогунун акырында карышкыр эмнеге айланат?

41. Тынчтыктын символу катары эмне саналат?

42. Пилдер кайсы жаныбардан көбүрөөк коркушат?

43. Эл аралык балдарды коргоо күнү кайсы числодо, айда белгиленет?

44. Кайсы учурда көл чатырдын астына жашына калган беш-алты бала жана ит суу болбойт?

45. Эмне үчүн тыйын чычкан бир бутактан экинчи бутакка, бир даректан экинчи даракка опоңой эле секирип жүро берет?

46. Америкада Аяз Атаны эмне дешет?

47. Жоголуп бара жаткан жаныбарларды кайда киргизишет?

48. 8, 7, 6, 5, 4, 3, 2. Бул жерде канча так жана жуп сан бар?

49. А) Жомоктогу эң күчтүү, коркунучтуу жана акылсыз каарман кайсы? **Б)** Эки колдо он бармак бар. Ал эми он колдо канча бармак болот?

50. А) Эмне үчүн ийнеликтер көлмөлөргө учуп бара беришет? **Б)** Аталар айткан сөздөн: «Билим элге, суу .....». Суу кайда?

§ 4. Биология, зоология боюнча суроолор

1. Кайсы элдерде гүлдөргө арналып өткөрүлүүчү майрамдары бар?

2. Эмне үчүн канаттуулар учуп бара жатып жерге кулап түшпойт?

3. **А)** Кайсы гүл Күндүн жана Япониянын символу болуп жүрөт? **Б)** ***Жара чабуу*** сөзү грекчеге кантип которулат?

4. Кайсы жандыктардын үч жүрөгү бар?

5. Моллюскалардын каны кандай түстө болот?

6. Кайсы өсүмдүктүн аталышы шыңгыраган үн менен байланышпуу?

7. **А)** Кайсы өсүмдүктөр суусуз жашай алышат? **Б)** Эң чоң зуулдап учкан куш кайсы?

8. Эң кичинекей канаттуу эмне деп аталат?

9. Кургактыктагы кайсы жаныбар абдан ылдам чуркайт?

10. Эң кичинекей эт жечүү жырткыч жаныбар кайсы?

11. **А)** Кайсы өсүмдүктөр адамдарды ыйлатышат? **Б)** Адамдар жаратылыштагы эң ичке жип деп эмнени айтышат?

12. Чегирткенин кулагы кайсы жеринде жайгашкан?

13. Кайсы жырткыч жаныбар тамактангандан кийин тиштерин тазалайт, оозун чайкайт?

14. А) Эң көп жыл жашаган бадал кайсы? **Б)** Жираф менен чочконун кимисинин моюн омурткасы көп?

15. А) Жер жаңгакты биологияда эмне дешет? **Б)** Кайсы организмдер жер бетинде биринчи пайда болгон?

16. А) Дүйнөдө кайсы жемиштер баарынан чоң болот? **Б)** Кайсы балыктын сырткы келбети шахмат фигурасын элестетет?

17. А) Кайсы өсүмдүк талаасын жайында кар каптап калат? **Б)** Кайсы кушка табият учуу үчүн канат тартуу кылган эмес?

18. Бул өсүмдүктүн гүлдөрү түнкүсүн гана ачылып жагымдуу жыт чыгарат? Кайсы өсүмдүктүн?

19. Адамдарга кайсы гүлдөрдүн аттары коюлуп жүрөт? Мүмкүн болушунча көбүрөөк атагыла?

20. Кайсы канаттуу орустун белгилүү жазуучусунун фамилиясын алып жүрөт?

21. Дүйнөдөгү эң ири жырткыч жаныбар кайсы?

22. А) Кургактыктагы сүт эмүүчүлөрдүн арасынан эң чоңу кайсы? **Б)** Кайсы өсүмдүктөр жалбыректары менен кышташат?

23. Жер жүзүндөгү эң сейрек кездешүүчү куш кайсы?

24. А) Төөлөр ичкен суусунун запасын кайсы жеринде сакташат? **Б)** Кайсы чөп өсүмдүгү баарынан тез өсөт?

25. Кайсы жаныбарлар терилерин жылына торт жолу алмаштырышат, ошону менен бирге эле ар жолу мурунку терилерин жеп коюшат?

26. Кайсы жаныбардын тилинин салмагы эң оор?

27. А) Ал - антибиотик пенициллинди ойлоп тапкан шотландиялык дүйнөгө белгилүү биолог. Ал ким? Б) Кытай көк түстогу розалар өсүүчү жападан жалгыз өлкобү?

28. Калифорнияда «генерал Шерман» толук 200 жыл жашаган. Муну кандай түшүнсө болот?

29. Мексика фасолунун даны бышканда өзү эле кабыгынан ажырап түшө баштайт. Ушундай дагы болобу?

30. Адамдын оң өпкөсү сол өпкөсүнө караганда абаны көбүрөөк жутат. Эмне үчүн?

31. Багыштар (бугулардын бир түрү) сазда баса алышат. Анткени алардын туяктарынын арасында ..... бар. Эмне бар?

32. Адам организминде темирдин жетишсиздигинен улам ушул оору келип чыгат. Кайсы оору?

33. А) Эмнелер жер шарындагы жандыктардын 70% түзөт? Б) 1963-жылы АКШнын Флорида штатында салмагы бүтүндөй үч тоннага барабар болгон илегилектин уясы табылганбы?

34. Беш осьминогдун бугу көппү же төрт кальмардынбы?

35. «М» тамгасынан баштапган кайсы жемиш ширин, ал эми «К» тамгасынан башталган кайсы жемиш кыйгыл?

36. А) Козу карындар жөнүндөгү илим эмне? Б) Кайсы жаныбар бир гана «Г» тамгасында (*Г* формасында) жүрөт?

37. Кайсы пилдин тумшугу жок?

38. 9-май Улуу Жеңиш күнү эстеликтерге кайсы гүл баарынан көбүрөөк коюлат?

39. Кайсы козу карынды табууда ит жардамга келет?

40. Адамдын организминде канча клетка бар?

41. Ден соолугу чың адам бүткүл жашоосу боюу жакындаштырылган түрдө канча көлөмдөгү тамак жейт?

42. Петр I Америкадан гүл катары алып келген жашылча азыр ашканада кеңири колдонулат. Эмне жөнүндө сөз болду?

43. А) Ден соолук үчүн коркунучтуу козу карын кайсы? **Б)** Сүтү 62 ооруга дары, 50 градус суукка чыдаган жаныбар кайсы?

44. А) Кайсы козу карын антибиотик катары колдонулат? **Б)** Бардык сезимин көргөзө алуучу жапайы жандык кайсы?

45. А) Эмнелер кандын дем алуу функциясын аткарышат? **Б)** Кайсы жаныбар кишиче күлүп, жаш балача ыйлай алат?

46. Канаттуулардын териси эмне менен капталган?

47. А) Күзүндө кайсы даректардын жалбыректары биринчи саргаят? **Б)** Балыктардын азыктануусунун негизги жолу кайсы?

48. Чабалекей уя салганда топуракты кантип суулайт?

49. Жыл бою бир эле жерде жашаган канаттуулар кандай канаттуулар?

50. А) Өзүнө суктанган адамдарды ушул гүлгө салыштырышат. Кайсы гүлгө? **Б)** Адамдын скелети канча сөөктөн турат?

§ 5. География боюнча суроолор

1. География илим катары кайсы өлкөдө пайда болгон?

2. Эки чокунун кайсынысы бийик: Эверестпи же Джомолунгмабы?

3. Жердин кичирейтилген моделин эмне деп айтабыз?

4. Дүйнөдө канча континент бар?

5. Жер-суу аттарын кайсы илим изилдейт?

6. Жердин суу катмары эмне деп аталат?

7. Экватор сызыгы жерди канчага бөлүп турат?

8. Эң көп жаңгак багын Кыргызстандын кайсы токоюнан кезиктирүүгө болот?

9. Кыргызстандын кайсы областы аянты боюнча эң чоң деп саналат?

10. Эйфель мунарасы кайсы мамлекеттин сыймыгы?

11. Пирамидалар кайсы олкодо курулган?

12. Айланасы суу менен курчалган анча чоң эмес кургактык эмне деп аталат?

13. Кыргызстан канча мамлекет менен чектешет?

14. Картадагы уюлдарды туташтырган экваторду кесип өткөн сызыктар эмне деп аталат?

15. Монголиянын айыл-чарбасындагы эң негизги тармак кайсы?

16. Дүйнөдөгү эң чоң шаркыратма кайсы?

17. Кыргызстанда узундугу боюнча экинчи дарыя кайсы?

18. Эмне себептен Африка эң ысык өлкө деп аталат?

19. Аянты боюнча эң ири Евразиядагы мамлекет кайсы?

20. Бранденбург дарбазасын кайсы жерден көрсөк болот?

21. Австралияда бул - чөл, Африкада бул – шаркыратма, ошондой эле, бул аталыш жеңиш дегенди билдирет. Эмне?

22. Кайсы мамлекеттин желегинде 51 жылдыз тартылган?

23. Аймагынын чоңдугу боюнча дүйнөдө бешинчи орунда турган мамлекет кайсы?

24. Жер бетинин картасын биринчи болуп түзгөн адам ким?

25. Жердин уюлдарынан бирдей аралыкта шарттуу жүргүзүлгөн сызык кайсы сызык?

26. Жердин орточо диаметри канчага барабар?

27. Бүтүндөй бир континентти ээлеген мамлекет кайсы?

28. Аба ырайын түзүүчү өзгөрүүлөр атмосферанын кайсы катмарында байкалат?

29. Дүйнөнүн кайсы бөлүгүн төрт океан тең жууп турат?

30. Кайсы кысык эки океанды, эки деңизди бириктирип, эки жарым аралды, эки өлкөнү жана дүйнөнүн эки бөлүгүн бири-биринен ажыратып турат?

31. Бул эки арал бир эле деңизде жайгашса дагы, дүйнөнүн ар башка бөлүктөрүнө таандык. Алар кайсылар?

32. ..... – дүйнөдөгү эң терең көл. Анын көлөмү дагы чоң болгондуктан, жергиликтүү жашоочулар аны кээде деңиз деп аташат. Ал кайсы көл?

33. Кайсы тоолорду «дүйнөнүн чатыры» деп атап жүрүшөт?

34. Крымдагы кайсы курорт балыктын атын алып жүрөт?

35. Кайсы эки көлдү деңиз деп атап келишет?

36. Дүйнодогү эң кичинекей мамлекет катары кайсы олкоңү санашат?

37. Дүйнөдөгү аянты боюнча эң чоң мамлекет катары кайсы өлко саналат?

38. Шахматты дүйно жүзүнө кайсы өлкө белек кылган?

39. Бул өлкөнү баш кийимдин аты менен аташат. Кайсы өлкөнү?

40. Кайсы өлкө өзүнүн коала, кенгуру, ехидна сыяктуу жаныбарлары менен белгилүү?

41. Эркиндик статуясы кайсы өлкөгө көрк берип турат?

42. Кайсы материк эч бир өлкөгө таандык эмес?

43. Компас кайсы мамлекетте ойлонулуп табылган?

44. Кайсы дарыя «А» тамгасынан «Я» тамгасына чейин агат?

45. Кайсы континент «А» тамгасынан «Я» тамгасына чейин созулат?

46. Америкалык кайсы жазуучунун псевдоними Великобритания жана Канададагы шаарлардын аты менен дал келет?

47. Кайсы арал аягындагы бир тамганы жоготуп койсо, геометриялык фигура болуп калат?

48. Кайсы океанда эң көп арал бар?

49. А) Жаш балдар эң жакшы көргөн, эң таттуу чолду атагылачы. **Б)** Кайсы эки коңшулаш өлкөлөрдүн ортосундагы чек ара тилкеси дүйнө жүзү боюнча эң узун, б.а., 8 963 км?

50. А) Кайсы мамлекет менен Россиянын чек арасы абдан кыска? **Б)** Конституциясы жок дүйнө жүзүндөгү бир нече мамлекеттерди атагылачы.



§ 6. Геометрия боюнча суроолор

1. АКШнын коргоо министрлигинин штаб-квартирасы (Пентагон) кайсы геометриялык фигураны элестетет?

2. Ордо оюн талаасы кандай формада болууга тийиш?

3. Үч адамдын сүйүүсүн кайсы фигура менен байланыштырып келишет?

4. Фараондордун үйлөрү кандай формада болгон?

5. 90-60-90 параметри кимдердин фигурасына карата айтылат?

6. Боз үйдүн түндүгү кандай формада болот?

7. Айлана чийүү үчүн колдонулуучу мектеп буюму эмне?

8. 180 градуска барабар бурч кандай бурч деп аталат?

9. Бермуд үч бурчтугу кайда кездешет?

10. Аарылардын уясы кайсы фигураны элестетет?

11. Эки катетти жана гипотенузаны кайсы фигурадан кезиктиребиз?

12. Керегени жайганда анын ичинен кандай геометриялык фигураларды кезиктирүүгө болот?

13. Бири-бири менен эч качан кесилишпеген сызыктар эмне деп аталат?

14. Геометриялык фигуралар эмнелерден турат?

15. Геометриянын тегиздиктеги фигураларды окутуп үйрөтүүчү бөлүгү кандайча аталат?

16. ***Геометрия*** сөзү кайсы тилден алынган жана эмне дегенди билдирет?

17. Тик бурчтуу үч бурчтуктун тик бурчуна карама-каршы жагы кандай деп аталат?

18. Төрт чекиттен жана ал чекиттерди удаа бириктирген сызыктардан турган фигура кандай аталат?

19. Кайсы математик: «Менин сызган тегеректериме тийбегиле!» - деп айткан?

20. Төрт айлананы эмблема кылып жүргөн автомобилдин аталышы кандай?

21. Балдарды жазалоо үчүн кайсы геометриялык фигура колдонулат?

22. «Кругом» деген команданы укканда жоокер канча градуска бурулат?

23. Эрудит багына 10 дарак отургузууну чечти. Ал эми аялы Брейн андан бактагы даректар беш катарга тигилип, ар бир катарда төрттөн дарак болуусун талап кылып жатат. Байкуш Эрудит даректарды кандай кылып жайгаштырат болду экен?

24. Бүтүн кубик рубиканын 8 чокусу болот. Элестеткиле, силердин кубик рубиканардын кокус бир бурчу сынып, түшүп калса, анын канча чокусу калат?

25. Тогуз монетаны он катарга ар бир катарда үчтөн монета бар кылып, кантип жайгаштырууга болот?

26. Он эки монетаны жети катарга ар бир катарда төрттөн монета бар болгондой кылып, кантип жайгаштырууга болот?

27. Эрудиттин фермасында тогуз жапайы казы бар. Алар ушунчалык жапайы, жадакалса, тынымсыз бири-бири менен чокулашып, жүндөрүн жулуп турушат. Ошондуктан Эрудит аларды бир-бирден бөлүп коюуну чечет. Төрт бурчтук формасында курулган фермадагы бул каздарды Эрудит кантип эки кошумча квадраттык тосмону коюу менен бир-бирден кылып болуп коет?

28. Силерде бурчтары 30 жана 60 градуска барабар бир нече бирдей тик бурчтуу үч бурчтугуңар бар дейли. Алардан квадратты жасоого болобу?

29. Он чекитти беш сызык менен ар бир сызыкта туптуура төрт чекит жаткандай кылып бириктиргиле.


30. Тегеректи туптуура үч кесиндини колдонуп кантип A) – 4, B) – 5, C) – 6, D) – 7 бөлүккө бөлүүгө болот?

31. Геометриялык табышмак. Мен сүйрү да, тегерек да эмесмин. Үч бурчтук – менин досум, тик бурчтук – менин иним. Менин атым ким?

32. Тик бурчтуу коргондун узундугу 15 метрге, туурасы 5 метрге барабар. Анда коргондун айланасындагы кашаанын (тосмонун) узундугун тапкыла.

33. Бул фигураны сегиз бирдей бөлүккө бөлгүлө (1-сүрөт).

34. Алты бирдей кубду ар бир куб башка кубдарга тийип тургандай кылып, кантип жайгаштыруруга болот? Эскертүү: кырлары же кырларынын кандай -дыр бир бөлүгү чектешип туруш керек.



1-сүрөт.


35. Тең капталдуу үч бурчтуктун ичинде дагы бир тең капталдуу үч бурчтук жайгашкан. Ички тең капталдуу үч бурчтуктун каптал жактары сырткы тең капталдуу үч бурчтуктун каптал жактарынан чоң болушу мүмкүнбү?

36. Геометриялык табышмак. Мен бир фигура чийдим, аталышын унутуп калдым. Ал фигураны баары билет, анткени юбканы элестетет. Анын төрт жагы бар, алар дайыма эле бирдей эмес. Бул кайсы фигура?

37. Бир нече окшош кирпич жана сызгыч бар. Бир эле жолу өлчөө менен кирпичтин узунун да, диогналын да кантип билсе болот?

38. Тыюу салуучу жол белгилери кайсы геометриялык фигуранын формасында болот?


39. Бул геометриялык фигура (2-сүрөт) көптөгөн үч бурчтуктарды өзүнө камтыйт. Өзүңөрдүн геометриялык тапкычтыгыңарды сынаш үчүн, аларды санап көргүлөчү.



2-сүрөт.

40. Эки чекитти жанаша коюп, түз сызык менен бириктиребиз. Натыйжада бараkта эмне пайда болот?

41. Силердин алдыңарда (3-сүрөт) ортосунда тешиги бар сегиз бурчтук турат. Тапшырма: фигураны 8 бирдей бөлүккө кесип ажыраткыла жана андан ортосунда тешиги бар сегиз бурчтук түрүндогу сегиз кырлуу жылдызды жасагыла.



3-сүрөт.

42. Силердин алдыңарда он эки даана күкүрттүн чийи турат. Формасы жана колому боюнча барабар жана бирдей 3 төрт бурчтукту жана 2 үч бурчтукту өзүнө камтыган фигураны түзүү керек. Муну кантип жасаса болот?

43. Үч бурчтуктун периметри деп эмнени айтабыз?


44. Мейкиндиктеги фигуралардын касиеттерин окутуп-үйрөтүүчү геометриянын бөлүмү эмне деп аталат?

45. Геометриялык табышмак. Сырдуу досумдун буттары абдан кызык. Эгерде бирөөсү ордунда турса, экинчиси айланып жүрөт. Ал эмне?

46. Геометриялык табышмак. Анын бардык төрт жагы барабар. Бирок алардын бурчтары тик эмес – тар жана кең. Квадрат таң калып ага мындай дейт: «Сени кимдир бирөө кыйшайтып койгон го». Эмне жөнүндө сөз болду?


47. Падыша Соломондун табытына түшүрүлгөн белгилүү мөөрдө (печатта) канча тең жактуу үч бурчтук көрүп турасыңар (4-сүрөт)?

48. Мындай төрт бурчтук түзгүлө, аны бир түз сызык менен кескенде, 6 төрт бурчтук пайда болуп калсын.




4-сүрөт.

49. Дыйкан 1000 гектар болгон өзүнүн жер тилкесин балдарына бөлүп берүүсү керек. Бардык жер тилкелери бирдей формада болуп, ар бир участокто бирден үй турушу зарыл (5-сүрөт). Чоң уулу 500, ортончусу 250, кичүүсү 125 гектар алат. Калган жер тилкесин эки жээнине тең кылып бөлүп берет. Кантип бөлүүгө болот?



5-сүрөт.

50. Беш тыйынды столдун бетине эки катар кылып койгула, жыйынтыгында бир катарда үч, экинчи катарда төрт тыйын турсун. Кантип?



§ 7. Дене тарбия боюнча суроолор

1. Спорт, тренер, жеңил атлетика, дене тарбия. Бул түшүнүктөрдүн кайсынысы көлөмдүүрөөк (б.а., калгандарын өзүнө камтыйт)?

2. Олимпиадалык оюндардын мекени болуп кайсы өлкө саналат?

3. Волейбол оюнунда канча упайга чейин ойношот?

4. Адам организминин калыптануу процесси канча жашында токтойт?

5. Алыс аралыкка чуркоо спорттун кайсы түрүнө таандык?

6. Узак убакыт күчтөнүп иштөөдө же көнүгүү жасоодо бир гана ушуну менен дем алуу сунушталат. Эмне менен?

7. Олимпиадалык оюндардын белгиси болгон беш шакекче эмнени билдирет?

8. Организмдин жетилүүсүнүн стадиясын мүнөздөгөн негизги көрсоткүч эмне?

9. Адамдын психологиялык абалын өзгөртүүчү заттарды (тамеки чегүү, алкоголь ичүү, допинг колдонуу ж.б. системалуу колдонууну адистер эмне деп аташат?

10. Адам кыймылынын активдүүлүгүнүн төмөндүгүн жана организмдин булчуң ишкердигинин алсыздыгын дене тарбияда эмне дешет?

11. Өтө кыска убакыт аралыгында адамдын кыймылдуу аракеттерди жасоо жөндөмдүүлүгү эмне?

12. Спортчулардын умтулуусун чагылдырган "Олимпиадалык девиз" кандайча айтылат?

13. Кышкы спорт түрлөрүнө кайсылар кирет? Бир нече кышкы спорт түрлөрүн атагыла?

14. Волейбол оюнунда бир командада канча адам ойнойт?

15. Волейбол аянтчасынын размери канчага барабар?

16. Эмне үчүн байыркы мезгилде Олимпиадалык оюндарды тынчтыктын майрамы деп аташчу?

17. Футбол оюнунда бир командада канча оюнчу болуш керек?

18. Футбол оюну эки таймдан турат. Ал эми бир тайм канча мүнөттөн турат?

19. Футбол оюнунда "сары түстөгү карточка" эмнени билдирет?

20. Спорттун ханышасы деп кайсы спорт түрүн атап жүрүшөт?

21. Ыргытуу, секирүү, чуркоо, гир көтөрүү. Бул көнүгүүлөрдүн кайсынысы гимнастикага таандык?

22. Жайкы спорт түрүнө кайсылар таандык? Бир нече жайкы спорт түрүн атагыла.

23. Футболдо «пенальти» кандай аралыктан тебилиш керек?

24. Жашоодо дене тарбия дегенде эмнени түшүнөсүңөр?

25. Кыска аралыкка чуркоо дегенде канча метр аралыкты түшүнөсүңөр?

26. Спортто шайбаны уруу үчүн колдонулуучу башы ийилген жыгач таяк эмне деп аталат?

27. Төмөнкү спортчуларды машыккан спортунун түрү менен бириктиргиле: Арнольд Шварцнеггер. Владимир Кличко, Каныбек Осмоналиев, Мария Шарапова, Канат Бегалиев – теннис, бокс, бодибилдинг, грек-рим күрөшү, оор атлетика.

28. Бул спорттун түрүндө оюнчулар томпой менен ашыктарды атышат. Кайсы спорттун түрүндө?

29. Ал – ат үстүндө ойнолуучу спорт оюндарынын бири. Бул оюнда эчкинин чылгый териси катышат. Кайсы спорттук оюн жөнүндө сөз болду?

30. Ал негизинен, кыргыздын улуттук оюндарына кирет. Бул оюнда жигит кызды кууп жетсе, анда анын бетинен өөп, ашыктыгын билдирет. Кайсы оюнда?

31. Ар бир оюнчу партияны жеңип чыгуу үчүн 82 же андан көп коргоол утуп алуу керек болгон оюн эмне деп аталат?

32. Бильярд оюнунда спортчулар шарларды уруп киргизүүчү узун таяк эмне?

33. Фол, либеро, аут, фальстарт. Бул терминдердин кайсынысы футболдо колдонулат?

34. Кайсы спорттун түрүндө атайын спорттук жабдыктарда ар түрдүү акробатикалык көнүгүүлөрдү жасашат?

35. Кайсы спорттук оюнда спортчулар ыргытылган топту бита менен уруп тосуп алышат?

36. Спортчулар лыжада жарышып келишип, мылтыктары менен бутаны атуу оюну кандайча аталат?

37. Футбол боюнча чемпионат канча жылда бир жолу өткөрүлүп турат?

38. Футбол, волейбол, гандбол жана баскетбол топторунун кайсынысы калгандарына караганда салмактуураак?

39. Спортчулар эмнени коюуга жан талашып аракет кылышат?

40. Кайсы спорттук оюнда клюшка менен шайба колдонулат?

41. «С» тамгасынан башталган каалаган беш спорттук термин атай аласыңарбы?

42. Топту кол менен ойногон спорттук оюндардын бир нечесин атап бере аласыңарбы?

43. Бул спорттун түрүнөн Кыргызстанда Каныбек Сагынбаев абдан күчтүү. Кайсы спорт түрүнөн?

44. Саньда, каратэ, кэндо, сумо. Булардын кайсынысы Японияда пайда болгон?

45. Футболдун мекени деп кайсы өлкөнү санап жүрүшөт?

46. Хоккейде бир оюн канча мүнөткө созулат?

47. Хоккей, күрөш, биатлон, лыжа тебүү, бокс, сууда сүзүү булардын баары ..... Эмне?

48. Америка Кошмо штаттары, Великобритания, Франция, Италия. Булардын ичинен кайсынысы волейболдун мекени?

49. Дене тарбия сабагында сөзсүз ..... болуш керек. Эмне?

50. А) Шахматта канча ташы болот? Б) Спортчулардын финишке келүү тартибин так аныктоочу курал эмне?



§ 8. Дүйнө тарыхы боюнча суроолор

1. Гуситтик согуштар кайда болгон?

2. Француздарды англичандар менен күрөшүүгө шыктандырган айым ким болчу?

3. Эң биринчи китеп кайсы жерде жарыкка чыккан?

4. Индияда моголдордун державасы кайсы кылымда орногон?

5. "Бородино салгылашы" канчанчы жылы болгон?

6. Франция кайсы мамлекет менен жүз жыл бою согушкан?

7. Бийликти мырзалар жүргүзгөн доор кандайча аталат?

8. Сталиндик репрессиянын эң курч мезгили канчанчы жылдары болгон?

9. Захреддин Бабур деген тарыхый инсан ким?

10. Илимдин кайсы тармагы тарыхты буюмдар, эстеликтер аркылуу изилдейт?

11. VIII кылымдын биринчи жарымында арабдардын мамлекети кандайча аталган?

12. Крепосттук укук Россияда качан алынып салынган?

13. Карфаген азыркы мезгилдеги кайсы өлкөнүн аймагында жайгашкан?

14. Месопотамиядагы биринчи цивилизациянын аталышы кандай болчу?

15. Байыркы Египет падышасын эмне деп аташкан?

16. Бою кичинекей болгон бул улуу император Францияны 1804-1815-жж. башкарган. Анын атындагы торт дагы бар. Ал ким?

17. Азыркы Корея мамлекети байыркы мезгилде кандайча аталган?

18. Байыркы Кытайдагы биринчи борборлоштурулган мамлекет кайсы?

19. Чыңгыз хандын мезгилинде Борбордук Азиядагы эң күчтүү мамлекет кайсы болгон?

20. Орто кылымда кимдин буюртмасы менен «Төрт улустун тарыхы» деген чоң эмгек жарык көргөн?

21. Чыңгыз хан тарабынан жаздырылган кол жазма эмне деп аталган?

22. 1299-жылы түзүлгөн мусулмандардын ири мамлекети кайсы?

23. XVI-XVIII к.к. аралыгындагы мезгилде кайсы орус башкаруучусу эң көп убакыт, б.а., 51 жыл бийлик жүргүзгөн?

24. 1709-1876-жылдары кайсы башкаруучу Кокон хандыгын эң көп убакыт, б.а., 28 жыл башкарган?

25. 1789-1994-жылдар аралыгындагы мезгилде АКШнын кайсы президенти эң көп убакыт, б.а., 12 жыл бийликке ээлик кылган?

26. Кокон хандыгында кайсы башкаруучу бир гана жыл бийлик жүргүзгөн?

27. 1917-1989-ж.ж. эң көп бийликте турган СССРдин башкаруучусу ким болгон?

28. СССРдин биринчи жана акыркы президенти ким болгон?

29. Катюшалар биринчи жолу кайсы жердеги салгылашууда колдонулган?

30. Гитлердик Германиядагы фашисттердин Үчүнчү рейхтеги жашыруун мамлекеттик полиция уюму кандай аталган?

31. Байыркы Рим жайгашкан Жети дөбөнүн чоңу эмне деп аталат?

32. ЮНЕСКОнун штаб-квартирасы кайсы мамлекетте жайгашкан?

33. АКШга 1959-жылы эң акыркы болуп кайсы эки штат кошулган?

34. Өтө эле кыска мөөнөттө душманды толук жеңүүгө эсептелинген план эмне деп аталат?

35. АКШ япон шаарлары Хиросима менен Нагасакиге качан атом бомбасын таштаган?

36. Эмне үчүн Юлий Цезарь башына лавр жалбырагыдан жасалган таажыны кийип жүргөн?

37. Тарыхтын атасы деп кимди санашат?

38. Биринчи дүйнөлүк согуш канчанчы жылы башталып, канчанчы жылы бүткөн?

39. Кайсы шаардын алдындагы салгылашууда биринчи жолу химиялык курал колдонулган?

40. XX кылымдын биринчи жарымындагы дүйнөлүк экономикалык кризис канчанчы жылдары өкүм сүргөн?

41. Алгачкы совет өкүмөтү түзүлгөндөн кийин аны кайсы атка минер биринчилерден болуп башкарган?

42. Афганистан Англия менен келишимге кол койгондон кийин канчанчы жылы көз карандылыкты алган?

43. Кол салбоо боюнча СССР менен Германиянын ортосунда түзүлгөн пактка СССР тарабынан ким кол койгон?

44. Ак жана Кызыл розалардын согушу кайсы өлкөдө жүз берген?

45. 1941-жылы СССРге кол салуу боюнча түзүлгөн фашисттик Германиянын планы кандайча аталган?


46. Эң алгачкы Олимпиадалык оюндар канчанчы жылы болгон?

47. Биринчи Олимпиадалык оюндар кимдин урматына өткөрүлгөн?

48. Байыркы Грециядагы Олимпиадалык оюндардын жеңүүчүлөрүн эмне менен сыйлашкан?

49. А) 1916-жылдагы көтөрүлүштүн негизги себеби эмне болгон? **Б)** Табылган сөөк калдыктары боюнча адамдын келип чыгуусун изилдөөчү илим эмне?

50. А) Кокон хандыгы кайсы аймакта түзүлгөн? **Б)** АКШнын эң алгачкы президенти ким болгон?





§ 9. Информатика боюнча суроолор

1. Микропроцессор компьютердин кайсы жеринде жайгашкан: системалыкпы же энеликпи (материнская)?

2. ЭЭМде кайсы эсептөө системасы колдонулат: бинардыкпы же экиликпи?

3. Маалыматты сыртта алып жүрүүчү кайсы қаражаттар пицца формасына ээ?

4. Жекече компьютердин франциялык Кристиан Диордун атынан келип чыккан жабдыгы кайсы?

5. Балдарга ЛОГО программалоо тилин окутуп-үйрөтүүчү информатика мугалимин эмне деп аташат?

6. Компьютердик чөйрөдө кимдерди «пасквилянттар» дешет?

7. Ар бир заманбап мектепте минимум үч чыгуучу эшик болушу зарыл: чыгуучу башкы эшик, чыгуучу кошумча эшик жана ..... Үчүнчүсү кайсы эшик?

8. Компьютердик вирустан улам адам көз жумушу мүмкүнбү?

9. Алгачкы компьютердик чычканды (мышты) ким ойлоп тапкан?

10. Ноутбуктарда мыштын ордуна колдонулуучу (бармактардын учун тийгизгенде иштейт) сенсордук жабдык эмне деп аталат?

11. Чычканды (мышты) жылдырганда экранда ары-бери кыймылдап жүрүүчү башы шиш белги эмне?

12. Ал – маалымат бирдиги. Анын 8 эң майда бирдиктерден турары баарына белгилүү. Ал эмне?

13. Кайталангыс атка ээ болгон, баа жеткис маалыматтарды камтыган бир канча байттардын тобу эмне?

14. Башка символдор аны «невидимка (көзгө көрүнбөс)» деп аташат. Эмнени?

15. Интернетте ал үй да, көчө да эмес. Ар качан ал өзгөчө жаныбар – маймылчаны өзүнө камтыйт. Ал эмне?

16. Компьютердин «почерки» эмне?

17. Канча жаттасаң да, баары бир унутасың. Эмнени?

18. ЭЭМдин негизги функциясы кандай?

19. Туруктуу эс-тутум (постоянная память) эмнеге арналган?

20. Оперативдик эс-тутум (оперативная память) эмнеге арналган?

21. Магниттик дисктердеги маалыматтар кандай формада көрүнөт?

22. Катуу дисктер кандай компьютердик аталышка ээ?

23. Текстгик редакторго кайсы редактор таандык?

24. Дүйнөдөгү эң биринчи программист ким?

25. Бир байт канча биттен турат?

26. Жекече компьютердин негизги бөлүктөрүнө эмнелер кирет? Аларды атагыла.

27. Башка программаларды иштетпөө аракетинде жасалган программа кайсы?

28. Тармактагы башкы компьютер эмне деп аталат?

29. «World wide web» кызматынын башкача айтылышы кандай?

30. «И» тамгасында канча бит бар?

31. Компьютердеги windows операциондук системанын кыргызча которулушу кандай?

32. Алгачкы болуп «информатика» деген термин кайсы жерде пайда болгон?

33. Информатика тармагындагы жетишкендик үчүн берилүүчү эң чоң сыйлык кайсы?

34. Кагаз баракгагы сүрөттөлүштү компьютерге эмне менен киргизебиз?

35. Интернетте эң көп колдонулган тил кайсы?

36. Компьютердин кайсы жабдыгы адамдын ден соолугуна терс таасирин тийгизиши мүмкүн?

37. Тексттик редактордо колдонулуучу эң кичинекей объект эмне?

38. Графикалык редактордун инструменттери болуп эмнелер эсептелет?

39. Компьютердин мультимедиалык курамына ушул нерсе сөзсүз кирет. Эмне?

40. Компьютердеги вирустарга ..... чалдыгуусу мүмкүн. Эмнелер?

41. Сүрөттүн бөлүктөрүн бир түс менен боеп салуу үчүн колдонулуучу инструментти эмне дейбиз?

42. Клавиатурадагы Caps Lock кнопкасынын кызматы кандай?

43. Компьютердеги маалыматты кагазга чыгарып берүүгө арналган жабдык эмне?

44. Маалыматты кнопкаларды басуу аркылуу компьютердин эсине киргизүүчү жабдык кайсы?

45. Силер өчүрүп (удалить этип) жиберген файлдар ушул жерден орун алат. Кайдан?

46. Папканын же портфелдин ичинде эмне бар экендигин көрүү үчүн силерге ушул жабдык керек. Эмне?

47. Анын ичине силер файлдарыңарды сала аласыңар. Эмненин ичине?

48. Бүткүл дүйнөлүк гигант компьютердик тармак эмне?

49. Paint – бул эң жөнөкөй графикалык ..... Эмне?

50. А) Шрифтин размерин компьютердик тилде эмне дешет? **Б)** Кадимки клавиатурада канча клавиша орун алган?

§ 10. Кругозор боюнча суроолор

1. Кыргыздын улуттук акчасынын бетинен кимдин кол тамгасын кезиктирүүгө болот?

2. «Окууда же үйрөнүүдө кыйын, согушта жеңил» фразасы орустун кайсы белгилүү полководецине таандык?

3. Сүт эмне үчүн ачып кетет?

4. Эмне үчүн жашылчаларды капкагы жабык кастрюляларда бышыруу керек?

5. Эмне үчүн жамгырдын суусу жөнөкөй сууга караганда «жумшак» делет?

6. Эмне үчүн өсүмдүктөрдү кайнак суу менен суугарууга болбойт?

7. Эмне үчүн көпчүлүк чайнектерди жалтырак кылып жасашат?

8. Эмне үчүн кышында абдан мыкты бекемделген терезелерден дагы суук киргендей боло берет?

9. Эмне үчүн кышында меш көпкө чейин жагылбай калган болсо, анын түтүн чыгуучу трубасынын ичине кагазды күйгүзүп салышат?

10. Үч секциялуу тикесинен орнотулган светофордун түстүү жарыктарынын жайгашуу тартиби кандай?

11. Улуу Ата Мекендик согушка чейин бул шаар Кёнигсберг деп аталып Германияга таандык болчу, согуштан кийин СССРге карап калган. Азыр бул шаар кандайча аталат?

12. Кораблдын рулун эмне деп аташат?

13. Аскер баш кийимдеринен кайсыларды билесиңер? Алардын бир нечесин атагыла.

14. 1910-жылы Эл аралык аялдар күнүн майрамдоо жөнүндөгү чечим кабыл алынган. Бул кайсы шаарда болчу?

15. Деңиз жээгиндеги сигнал чырак коюлган мунара эмне деп аталат?

16. Чай ичүү үчүн тартууланган аяк-табак, чыны-чайнек сыяктуу идиштердин тандамал тобун эмне дешет?

17. КМШ мамлекеттериндеги кайсы шаарлар Баатыр-шаар наамын алышкан?

18. Ал дүйнө жүзүнө таанымал француз модельери болчу. XX кылымда ал европа модасына абдан чоң таасир тийгизген. Айымдарга кыска чач коюуну дагы ушул адам үйрөткөн деп жүрүшөт. Анын аты ким?

19. Кайсы жабдыктын жардамында уулуу газдардан коргонууга болот?

20. Жакшы аял жаман эрди эр кылат, жаман аял ..... Макалдын уландысы кандай?

21. Советтик атак-даңктуу аскер башчыларынын ичинен ким Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында бир дагы салгылашууда жеңилген эмес?

22. Кораблдеги суучулдар (моряктар) эс алуучу озүнчо бөлмө эмне?

23. Билесиңерби, өсүмдүктөрдүн 85% ушул жерде өсөт. Кайда?

24. Кайсы аскердик наамдарды билесиңер? Алардын 10 чактысын атап көргүлөчү.

25. Шаардагы көчөнүн жөө жүрүүчүлөр үчүн арналган бөлүгү кайсы?

26. Дүйнө жүзүндөгү эң биринчи аял деп кимди айтышат?

27. Алар болгону бир гана жолу жаңылышат деп кимдер жөнүндө абдан таамай айтылган?

28. Адамдын денесиндеги эң кичинекей сөөк, анын кайсы жеринде жайгашкан?

29. Аскерлер жашоочу имарат кандайча аталат?

30. Макалга караганда кайсы жаныбардын жүгү жеңил болсо, жатак болот?

31. А) Эң ири спорттук иш-чара кайсы?
Б) Жеңил атлетикада эң узун аралык кайсы?
В) Эң биринчи окуу китеби кайсы?
Г) Эң жогорку илимий даража кайсы?
Д) Спорттун эң акылдуу түрү кайсы?
Ж) Эң чоң муз бөлүгү кайсы?
З) Сонеттери менен эң белгилүү адам ким?

32. Бул чымчык артка карай уча алган жападан жалгыз канаттуу. Ал кайсы чымчык?

33. Бул жерде үн абага караганда беш эсе тез таркалат. Кайсы жерде?

34. Ал урганда анын температурасы 30 000 градус Цельсияга чейин жетиши мүмкүн. Эмненин?

35. Дүйнө жүзүндө адамдар көпчүлүк учурда ушунун аркасынан талашып-тартышышат, айтышып, урушуп кетишет? Эмненин аркасынан?

36. Латын тилинен которгондо «классицизм» термини эмне дегенди билдирет?

37. Хронологиялык тартипте орто кылымдар деп кайсы кылымдарды айтышат?

38. Дүйнөдөгү эң тез учкан канаттуу кайсы?

39. Дүйнөдөгү эң чоң арал деп кайсы аралды атап жүрүшөт?

40. Дүйнөдөгү эң ылдам жүрүүчү күлүк автомобиль кайсы?

41. Дүйнөдөгү эң чоң жылан катары кайсы жылан саналып жүрөт?

42. Дүйнөдө эң бийик деп эсептелген имарат кайсы жана ал кайда жайгашкан?

43. Өздөрүнүн эне тили турса дагы, калкынын көпчүлүк бөлүгү англис тилинде сүйлөгөн өлкө кайсы?

44. Капкандагы бекер сыр кайсы чычканга буюрат?

45. Бочка суусу менен 50 килограмм, ал 15 килограмм болуп калыш үчүн ага эмне кошуш керек?

46. «Шедевр» дегенде эмнени түшүнөсүңөр?

47. Каалаган бир сандын жанына өзүндөй болгон дагы бир санды жазып койсок, ал сан канча эсе чоңоюп кетет?

48. Италиянын желеги кызыл, ак жана жашыл түстө. Италиялыктарга бул түстөрдү тандоого кайсы кесилген жемиш жардам берген?

49. Рашмор тоосунун боорунан АКШнын кайсы 4 президентинин жүздорун көрүүгө болот?

50. А) Дүйнөнүн жети кереметі кайсылар? Санап бергиле. **Б)** Айга эң биринчи кадам койгон адам ким?



§ 11. Кыргыз адабияты боюнча суроолор

1. Наристени уктатаарда кайсы ырды ырдашат?

2. Мукай Элебаевдин автобиографиялык чыгармасы кайсы?

3. Жеңишбек поэмасынын түп нускасынан алынган төрт сап ырды кайсы белгилүү нерседен учуратууга болот?

4. Өз энесине жаа тарткан бала Ч. Айтматовдун кайсы чыгармасында сүрөтөлгөн?

5. Атактуу «Мөлмөлүм» аттуу ырды ким чыгарган?

6. «Биринчи мугалим» повестинде ким чоң окумуштуу болуп чыгат?

7. Эгин бастырганда ырдалган ыр эмне деп аталат?

8. И. Крыловдун «Ийнелик менен кумурска» чыгармасы адабий жанрдык жактан кандай чыгарма?

9. Жаш балдар-кыздардын айтышы эмне?

10. «Моюнкум» трагедиясына Ч. Айтматовдун кайсы чыгармасында күбө болобуз?

11. Аалы Токомбаевдин «Жетим менен сыйкырчы» жомогундагы сыйкырчынын аты ким?

12. Тайманбас баатыр Кычан жөнүндөгү повестти ким жазган?

13. «Бугу эне» жомогундагы жез кемпирдин толук аты кандай?

14. «... чокоюм буттан суурулуп, Чор болду таман туурулуп ...» кимдин арманындагы саптар?

15. Айтылуу Төрөгелди баатырдын небереси ким?

16. Жаз келбей күттүргөн «Неге кечигет» ыры кимге таандык?

17. «Карагул ботом» чыгармасында бала кимди күтүп уктап калат?

18. Алыкул Осмонов кайсы сынчы жөнүндө чыгарма жазган?

19. «Жараланган жүрөк», «Мезгил учат» чыгармалары кимдин калеминен жаралган?

20. Алыкул Осмонов «бир боор энем» деп кайсы өлкөгө кайрылган?

21. «Ажар» повестинде кайсы тарыхый окуя чагылдырылган?

22. «Эртең тилим жоголору чын болсо, анда бүгүн жан кыюуга даярмын» деп ыр жазган авар акыны ким?

23. Нестан-Дарежан, Тариэль жана Автандил кайсы чыгарманын каармандары?

24. Жаңылып айтууга ылайыкташып түзүлгөн өзгөчө сөз айкаштары эмне?

25. Курманжан Датканын тарыхы тууралуу Төлөгөн Касымбековдун кайсы чыгармасы баяндайт?

26. Татьянанын катына А.С. Пушкиндин кайсы чыгармасында күбө болобуз?

27. Кожожаштын жубайынын ысымы ким болгон?

28. «Кандай аял тууду экен, Лениндей уулду» ыр саптары кайсы акынга таандык?

29. «Жез таңдай» деген салыштыруу кимдерге карата айтылат?

30. Б. Солтоноев «Румкан» поэмасын кимге арнаган?

31. Талас областынын кайсы айылы Чыңгыз Айтматовдун кичи мекени?

32. Кыргыз адабиятынын тарыхында эң биринчи басылып чыккан китеп кимдин калеминен жаралган?

33. «Сен ооруба, мен ооруюн Ата-Журт» ыр саптары кайсы акынга таандык?

34. «Бетме-бет» повестинде дезертирлик кылып жүргөн Ысмайылды солдаттарга ким кармап берет?

35. Инкамал апай Ч. Айтматовдун кайсы каармынын мугалими болуп саналат?

36. «Чептен эрдин күчү бек» чыгармасы кимдин калемине таандык?

37. Толгонай сырын ким менен бөлүшөт?

38. Ч. Айтматовдун эң биринчи чыгармасы кайсы?

39. Ч. Айтматовдун эң акыркы чыгармасы кайсы?

40. "Кедейкан", "Манас" жана "Эр Төштүк" эпосторунун ичинен кайсынысы турмуштук эпосторго кирет?

41. "Булбулдун көркү гүлдө бар, Ырчынын көркү үндө бар..." бул ыр саптары кайсы төкмөгө тиешелүү?

42. Баяндоо түрүндөгү ыр менен жазылган чыгармалар эмне деп аталат?

43. Ак мөөр улуу сүйүү үчүн көч үстүндө ким менен жарыша кетет?

44. Мамырбай менен Кендирбай С. Карачевдин кайсы чыгармасынын каармандары?

45. Эпилог чыгарманын кайсы жеринде берилет?

46. Роман, комедия, сатира. Булардын кайсынысы драмалык жанрга кирет?

47. Элдик "Шырылдаң" ыры кимдердин турмушунан алынган?

48. Пролог чыгарманын кайсы жеринде берилет?

49. А) «Бугу эне» жомогун балага ким айтып берет? Б) «Көк асаба» тарыхый романынын автору ким?

50. А) «Каныбек» романын жазган кыргыз эл жазуучусу ким? Б) Бул жазуучу 1902-жылы 25-сентябрда Ысык-Көл областына караштуу Көк-Мойнок айылында туулган. Кайсы жазуучу?

§ 12. Кыргызстан тарыхы боюнча суроолор

1. Байыркы таш доору кандайча аталат?

2. Матриархат доорунда бийликти ким жүргүзгөн?

3. Барсбек кандай даражага ээ болгон?

4. Макалга ылайык эмнеси болбой эл болбойт?

5. Геродот сактарды өзүнүн эмгегинде кандайча атаган?

6. Усундардын борбор калаасы болгон «Чигу» шаары Кыргызстандын кайсы аймагында орун алган?

7. Монгол элинен чыккан атактуу хан Темучжин кайсы ысым менен дүйнөгө таанылган?

8. Ислам динин кабыл алганга чейин кыргыздар эмнеге ишенген?

9. Түндүк Кыргызстандын аймагында караханиддердин кайсы борбор шаары болгон?

10. Александр Македонский Кыргызстандын аймагындагы кайсы мамлекетке жортуул жасаган?

11. Кыргыз республикасынын өткөөл мезгилинин президенти ким?

12. Иосиф Сталиндин аскердик даражасы кандай болгон?

13. Фергана өрөөнүнөн орун алган асыл тукум жылкылары менен белгилүү болгон байыркы мамлекет кайсы?

14. Кыргызстанды Орусия басып алгандан кийин жер кимге тиешелүү болгон?

15. Кыргыздар биринчи жолу кайсы жазууну колдонушкан?

16. Кыргыздардын кайсы уруусу биринчи болуп Орусиянын курамына кирген?

17. Улуу Жибек Жолу кайсы кылымда негизделген?

18. Биринчи кыргыз тарыхчылары кимдер болгон?

19. Баласагын шаарында байыркы доордо кайсы эл жашап өткөн?

20. Бурана тарыхый комплекси кайсы өрөөндө жайгашкан?

21. X-XII кылымдагы Кыргызстандын аймагындагы мамлекет кайсы?

22. Кыргызстан элинин биринчи курултайы качан болгон?

23. Салижан Шакирович Шарипов космоско кайсы жылы учкан?

24. Кыргыз элинин улуттук валютасы «сом» качан жүгүртүүгө чыккан?

25. Ичкиликтерге кирген уруулар кайсылар?

26. Кыргыз ССРи канчанчы жылы түзүлгөн?

27. Жети-Суудан чыккан алгачкы революционер аскер башчы ким болгон?

28. Кыргыздар канчанчы жылы Чыңгыз ханга баш ийдирилген?

29. «Шанүй» деген эмнени түшүндүрөт?

30. Кыргызстанды эң көп мезгил, б.а., 24 жыл башкарган башчы ким?

31. «Улуу Кыргыз дөөлөтү» деген терминди илимге кайсы окумуштуу киргизген?

32. Барсбек каган кимдердин башкаруучусу болгон?

33. 552-жылы Борбордук Азияда кайсы мамлекет түзүлгөн?

34. Энесай кыргыздарынын диний ишенимдери кандайча аталган?

35. Чыңгызхан качан жалпы монгол ханы болуп жарыяланган?

36. Кокон хандыгында увазирлик кызматты ээлеген кыргыз төбөлү ким?

37. Кыргыз-калмак согушунун окуяларын чагылдырган эпосту атагыла.

38. Энесай кыргыз мамлекетинин башкаруучусунун титулу кандай болгон?

39. Кокон хандыгынын эң акыркы ханы ким болгон?

40. 1876-жылдын 19-февралында кандай окуя жүз берген?

41. Тоолуу кыргыз облусун түзүү аракети канчанчы жылы жүргүзүлгөн?

42. Кара кыргыз автономиялык областы качан түзүлгөн?

43. Улуу Ата Мекендик согушка Кыргызстандан катышкан жоокерлердин болжолдуу саны канча?

44. Эки жолу Социалисттик эмгектин Баатыры деген наам алган аялды атагыла.

45. Кайсы фильм кыргыз кино тарыхында алгачкы кыргыз көркөм тасмасы деп эсептелинет?

46. Эгемендүү Кыргыз республикасынын биринчи премьер министри ким?

47. 2000-жылы өлкөбүздө кайсы белгилүү чоң мааракe белгиленди?

48. Кыргыз республикасынын мамлекеттик туу күнү кайсы датада белгиленет?

49. **А)** Ж. Абдрахманов, К. Тыныстанов, Т. Кулатов, Т. Айтматов. Бул мамлекеттик ишмерлердин кимиси репрессияга дуушар болгон эмес? **Б)** Совет бийлиги эң алгачкы жолу Кыргызстандын кайсы аймактарында орногон?

50. **А)** 1961-1985-жж. Кыргызстан компартиясынын борбордук комитетинин биринчи катчысы ким? **Б)** Кыргыз элинин алгачкы профессионал сүрөтчүсү, Кыргыз Эл баатыры ким?

§ 13. Кыргыз тили боюнча суроолор

1. Кыргыз тилинде созулма үндүүлөр канча муунду түзөт?

2. Оозеки сүйлөө учурунда тынымдар эмне деп аталат?

3. Кеңешип кескенде эмне оорубайт?

4. Кыргыз тилинде диалектилер кандай болуп бөлүнөт?

5. «Альфа», «Бета» деген белгилерден тилдеги кайсы термин келип чыккан?

6. Кыргыз тилинин орфографиясы кандай принциптерге таянат?

7. Сөздүн уңгута уланган бөлүгү кайсы?

8. Жөнөкөй зат атоочтор жасалышына карай кандайча бөлүнөт?

9. Келер чак маанисине карай канчага ажырайт?

10. Сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү эмне байланыштырат?

11. Арыз, акт жана отчет кептин кайсы стилине кирет?

12. Эки же андан көп сөздөн турган, бир эле маанини билдирген сөздөр кандай сөздөр?

13. 23-сентябрь менен кыргыз тилинин кандай байланышы бар?

14. Сүйлөмдүн канча айкындооч мүчөсү бар?

15. Байыркы кыргыз тилинин тамгасы эски түрк рун жазуусунда болуп, кийин араб анан латын алфавитине өтүп отуруп, 1940-жылдан азыркы учурга чейин ушул тамгага өткөн. Кайсы тамгага?

16. Кыргыз алфавитинде орус алфавитине караганда канча тамга ашыкча?

17. Эки же андан көп адамдын сүйлөшүүсү - бул ...

18. «Биттин ичегисине кан куйган» деп кандай адам мүнөздөлөт?

19. Тема эмнеге коюлат?

20. *-лар* мүчөсү эмнени билдирет?

21. Этиштин канча чагы бар?

22. Неологизмдер деп кандай сөздөр эсептелинет?

23. «Аяк оона» кайсы айдын кыргызча аталышы?

24. Тексттин эң кичине бирдиги болуп эмне саналат?

25. ***Ичке*** сөзүнүн антоними кайсы?

26. Кыргыз банкноталарында чагылдырылган инсандардын ичинен кимиси бир эле убакта акын, лингвист, окумуштуу жана мамлекеттик ишмер болгон?

27. ***Алфавит*** деген сөз кайсы тилден алынган?

28. Кыргыз тилинде басым сөздүн кайсы муунуна түшөт?

29. Кыргыз тили кайсы тилдер түркүмүнө кирет?

30. Кыргыз тилинде канча созулма үндүү бар?

31. Жазылышы бирдей, бирок ар кандай маанини билдирген сөздөр эмне деп аталат?

32. Кыргыз тилинде канча баш мүчө бар?

33. ***Июль*** сөзүндө канча тыбыш бар?

34. Атооч жөндөмөсү кандай суроолорго жооп берет?

35. Жай сүйлөмдүн аягында кандай тыныш белгиси коюлат?

36. Адам аттары кандай тамга менен жазылат?

37. Тилдин жергиликтүү өзгөчөлүктөрүн изилдеген илим эмне деп аталат?

38. Заттын санын билдирген сөз түркүмү эмне?

39. «Кайда жүрсөм кыргыз тилин кадырлайм, бул тил менен иштейм, сүйлөйм, ыр жазам» ыр саптарынын автору ким?

40. Этиш сүйлөмдө эмне милдет аткарат?

41. Тилдин кайсы бөлүмү тыныш белгилерди, алардын коюлуш эрежелерин үйрөтөт?

42. Тилдеги сөздөрдү адабий тилдин нормасына ылайык туура жазууну үйрөтүүчү илим эмне?

43. Бирөөгө тике арналып жана кайрылып, чакыруу иретинде айтылган заттык маанидеги сөздөр кандай сөздөр?

44. Соз составы жана соз түркүмдөрү жөнүндөгү илим эмне деп аталат?

45. *Алыс – жакын, келүү – кетүү, аял – эркек.* Мындай сөздөрдү тил илиминде кандай сөздөр дешет?

46. Ал - улуттук тилдин эң жогорку формасы, аны элдин бардык окуулдору колдонот. Эмне жөнүндө соз болду?

47. *Ох, ах, ух, ой, бах, апей* – булар кайсы сөз түркүмүнө мисал боло алат?

48. Ал жалпы элдик адабий тилден өзүнүн кээ бир фонетикалык, лексикалык, грамматикалык өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Эмне?

49. Кыргыз элинин туңгуч лексикографтарынын бири Кусеин Карасаев кайсы ири эмгеги менен журтчулукка белгилүү?

50. А) *Ырғыткан ташы өйдө кулоо, күлгө оонаган күчүктөй, кулак-мурун кескендей.* Мындай туруктуу соз айкаштарын эмне дейбиз? Б) Бул илим тилдеги соз айкашы менен сүйломдүн түзүлүш мыйзамдарын изилдейт. Эмне?



§ 14. Манас тааануу боюнча суроолор

1. «Кызыталак бурут» деп «Манас» эпосунда калмактар кимдерди аташкан?

2. Манастын чоң атасы ким болгон?

3. Семетейге анын атасы Манас экенин алгач ким айтып берет?

4. Манастын ысымын ким койгон?

5. Манастын бала кездеги Ошпур койчу койгон лакап аты кандай эле?

6. «Манас» эпосунун 1000 жылдык мааракеси канчанчы жылы белгиленген?

7. Каныкейдин өз ысымы ким болгон?

8. Эпостогу «Караңгы жерден көз тапкан, капилеттен сөз тапкан» каарман ким?

9. Манастын небереси ким?

10. «Манастан кем бекен» деп кайсы чоросу айтылып жүрөт?

11. Жети жашка чыкканча Манас кимдин колунда тарбияланган?

12. Манастын асабасынын өңү кайсы түстө?

13. Кайсы баатыр кыз Манасты жеңе алган?

14. «Манас» эпосун биринчи болуп кагаз бетине түшүргөн окумуштуу ким?

15. Манас району кайсы областын кармагына кирет?

16. «Манас» эпосун изилдөөгө арналган илим эмне деп аталат?

17. А) Саякбай Каралаевдин вариантында Манас Аккуланы кайдан кантип алган? **Б)** «Манас» эпосунда Коңурбайдын мицген аты кандайча аталат?

18. Алмамбет Кытайдан эмне себептен качып келген?

19. Коңурбай Манаска эмне үчүн өч болуп калган?

20. "Өз кордугум көргөнчө, жат кордугун көрөйүн, бакылга башым бийлетпей, март кордугун көрөйүн" деген сөздөр кимге таандык?

21. Манастын канча бир тууганы болгон?

22. Тажик элинин кызы Канықей жөнүндө Манаска эң алгач ким айтып берет?

23. Манастын эң алгачкы эрдиги кайсы болчу?

24. Манастын кыяматтык аялы деп кимди аташчу?

25. Бокмурун эмне үчүн Көкөтөйдүн ашына Манасты чакырбай койгон?

26. А) Манасты эмне үчүн чоң жинди деп аташкан? **Б)** Кошойдун байбичесинин аты ким болгон?

27. **А)** Бокмурундун атасынын ысымы кандай эле? **Б)** Бокмурун түбү кимдин баласы болгон?

28. Семетейдин тою кайсы жерде өткөн?

29. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча, Манастын биринчи минген аты эмне болчу?

30. **А)** Манастын көп тил билген чоросу ким? **Б)** Алоокенин уулу Боокенин өнөрү кандай болгон?

31. Жакып уулунун урматына Манас шаарын кайсы жерге курмак болгон?

32. Эпосто Ногойдун кичүү баласы ким болгон деп айтылат?

33. **А)** Манас кайсы жерде төрөлгөн? **Б)** Манастын төөсүнүн аты эмне болчу?

34. **А)** Коңурбайдын канча бир тууганы болгон? **Б)** Кошой Каныкейге эмне бергендиги үчүн бата берген?

35. Эпосто Айчүрөк эмне үчүн касиеттүү сапаттарга ээ?

36. Манастын эң алгачкы кеңешчиси ким болгон?

37. Байбичеси толготуп жатканда, Жакыптын айылдан алыс тоону көздөй кетүүсүнүн себеби эмнеде?

38. Семетей менен Айчүрөк биринчи жолу кайсы жерде жолугушкан?

39. **А)** Манастын канча кайын атасы болгон? **Б)** Манастын эң алгачкы досу ким болгон?

40. Ак кууга айланып Семетейди ким издеген?

41. «Манас» үчилтигинин экинчи, үчүнчү бөлүктөрү кандайча аталат?

42. «Манас» эпосундагы Сыргактын өз аты ким болгон?

43. Сарала «Манас» эпосундагы кайсы баатырдын аты болгондугу айтылат?

44. Манас кимдин колунан көз жумган?

45. «Чоң казатта» Бакай кыргыз кошунунун кандыгын кимге өткөрүп берген?

46. «Манас» эпосу жөнүндөгү биринчи эскерүүлөр канчанчы кылымга таандык?

47. Манас Ошпурдун козусун кайтарууга макул болуусу үчүн Жакып баласына эмне деген?

48. ***Ат арытып, жер чалып,***
Ит агытып, куш салып,
Колдогону кожосан,
Кол бергени кырк чилтен.

Бул ыр саптары эпостогу кайсы каарманды чагылдырат?

49. А) Саякбай Каралаевдин варианты боюнча, «Манас» эпосунун үчилтиги канча ыр саптан турат? **Б)** Манастын аты Аккула, ал эми Семетейдин аты кандай эле?

50. А) Сыргак, Чубак, Күлчоро – булар кандай каармандар: оңбу же терспи? **Б)** Эпосто бул адам тоону жылдыра алат деп айтылат. Ал ким?

§ 15. Математика боюнча суроолор

1. Кайсы санды 180°ка бурсак, өзүнөн үчкө көп сан пайда болот?

2. Кайсы сан 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9га калдыксыз бөлүнөт?

3. Белгисизи бар барабардыкты эмне дешет?

4. Элестетип саноо. 1 000 ойлогула. Ага 40ты кошкула. Дагы миңди кошкула. 30ду кошкула. Суммага дагы 1 000ди кошкула. Плюс 20. Плюс 1 000 жана акырында плюс 10 барабар. 5 000 чыктыбы? Туура эмес. Эмне үчүн?

5. Координаталар системасын ким негиздеген?

6. 1 центнерде канча килограмм бар?

7. Кошуу, кемитүү, көбөйтүү жана бөлүү. Булар математикалык эмнелер?

8. 1 дециметрде канча миллиметр бар?

9. Гаусс, Виет, Колумб, Пифагор. Бул окумуштуулардын кимиси математик эмес?

10. Дүйнө жүзүндөгү эң биринчи аял-математик ким болгон?

11. Тик бурчтуу үч бурчтуктарды чечмелөөгө жардам берүүчү теорема кайсы математиктин аты менен аталган?

12. Төмөнкү окумуштуулардын: Виет, Пифагор, Эратосфен, Евклид кимиси Жердин диаметрин эң биринчи болуп эсептеп чыккан?

13. Кайсы улуу математикти «Математиканын падышасы» деп атап келишет?

14. Жонокой сандардын таблицасын кайсы математик түзгон?

15. Өлчөөнүн метрдик системасы эң алгач кайда пайда болгон?

16. Математикалык коз карашта алганда бир поезди дагы бир башка поездден эмне айырмалап турат?

17. Баарыбызга жаш кезибизден бери белгилүү болгон кайсы математикалык закон макалга айланып кеткен?

18. Мектептеги кайсы математикалык шайман бизди каалаган жерибизге жеткирип кое алат?

19. Теңдемелердеги белгисиз сан көбүнчө кандай тамга менен белгиленет?

20. Бул эки санды бири-бирине кошсок, алардын көбөйтүндүсүнөн чоң сан келип чыгат. Алар кайсы сандар?

21. Бизге белгилүү канча цифра бар?

22. Алты тилик менен (алты жолу кесип) пиццаны максималдуу канча кесимге бөлүүгө болот?

23. Кыргыз тилинде бир сан бар. Кызыгы, анын катары менен андагы тамгалардын саны дал келет (мисалы, 10ду алсак, 10 тамга эмес 2 эле тамга бар, демек, дал келбейт). Ал кайсы сан?

24. Аталыштарындагы тамгалардын саны цифраларынын санына барабар болгон эки санды тапкыла.

25. Арифметикалык амалдарды жана он бир экини пайдаланып, 2009ду чыгарып бергиле.

26. Мен, эжем жана апам 140 кг чыгабыз. Апамдын салмагы эжемдикинен 10 кг көп. Алар экөө менден 80 кг оор. Менин салмагым канча?

27. 1 2 3 4 5 = 5 4 3 2 1. Бул сандардын ортосуна беш плюс белгисин жайгаштырып, барабардыкты тууралагыла, эки жагы тең 60ка барабар болсун. Сандардын катарын бузууга жол берилбейт.

28. Атага бир чака суу эки жумага жетет. Эгерде баласы экөө иче турган болсо, анда 10 күнгө. Бала өзү иче турган болсо, анда бир чака суу ага канча күнгө жетет?

29. Бир көсөм кызматкер жыйналыштын ар бир катышуучусу бири-бири менен көрүшүп чыкканда, 78 кол алышуу болгондугун байкап калат. Анда жыйналышка канча адам катышкан?

30. Саатты көрсөтүүчү стрелка бир жумада саатты канча жолу толук айланып чыгат? Сентябрь, декабрь айларындачы?

31. Нуриэлдин 64 даана алмасы бар эле. Карындашы Агиля андан алмалардын төрттөн бир бөлүгүнүн төрттөн бирин берүүсүн сурады. Нуриэль болсо карындашына алмалардын жарымынын жарымын берүүгө көндү. Агиля Нуриэлден канча даана алма сурады, Нуриэль ага канча алма бермекчи болду?

32. Кандай төрт сандын суммасы же көбөйтүндүсү 8ге барабар?

33. А) Саат циферблатындагы номерлердин үстүнөн бир түз сызык өткөзүп, аны ушундай эки бөлүккө бөлгүлө, ар бир бөлүктөгү сандардын суммасы өз ара тең болсун. Сумма канчага барабар экендигин аныктагыла.


Б) Саат циферблатындагы цифралардын үстүнөн эки түз сызык өткөзүп, аны ушундай үч бөлүккө бөлгүлө, ар бир бөлүктөгү сандардын суммасы өз ара тең болсун. Сумма канчага барабар?

В) Саат циферблатындагы цифралардын үстүнөн 5 сызык өткөзүп, аны ушундай 6 бөлүккө бөлгүлө, ар бир бөлүктөгү сандардын суммасы өз ара тең болсун. Сумма канчага барабар экендигин аныктагыла. Сумма канча чыгат?

34. Арстан койду 2 саатта жеп бүтөт, борү болсо 3 саатта, ит 6 саатта жейт. Арстан, бөрү жана ит биргеликте койду канча убакытта жейт?

35. Катар турган төрт жуп сандын суммасы 76га барабар. Аларды тапкыла.

36. Санап көргүлөчү, төмөнкү фигурада канча тик бурчтук бар экен? Жооп берүүгө шашылбагыла. Мында сөз квадраттар тууралуу эмес, балким, саноого мүмкүн болгон (чоң жана кичине) тик бурчтуктар жөнүндө болуп жатат (6-сүрөт).



6-сүрөт.

37. Үч вагондо 90 жүргүнчү бар. Эгерде биринчи вагондон экинчи вагонго 12 киши өтүп, экинчи вагондон үчүнчүгө 9

киши өтсө, үч вагондо жүргүнчүлөрдүн саны тең болуп калат. Ар бир вагондо башта канча жүргүнчү болгон?

38. Цистернага 18 900 челек суу батат. Бир труба цистернаны 126 саатта, экинчиси болсо 63 саатта толтура алат. Эгер эки труба бирге иштесе, цистернанын жарымын толтуруш үчүн канча убакыт керек?

39. Эне үч баласына алма бөлүп берди. Балдар 4 даанадан алма жеп болгондон кийин, аларда (үчөөсүндө биригип), ар бири энесинен канча алма алган болсо, ошончо алма калды. Алардын ар бирине канчадан алма тийген?

40. Цифраларынын суммасы 2ге барабар болгон жети орундуу сандарды жазгыла. Мындай сандардан канчоону жазуу мүмкүн?

41. Бир метр бир сантиметрден канча эсе чоң? 60 метр 60 сантиметрден канча эсе чоң?

42. Эң кичүү төрт орундуу сан эң чоң төрт орундуу сандан канчага кичине?

43. Кызыктуу маселе: 1+2+3+4+5+6+7+8+9+10. Бул сандардын суммасын кыска жана өтө тез табууга болот. Кантип?

44. Мен ойлогон сандын $\frac{2}{5}$ бөлүгү 2080. Ошондо мен ойлогон сан канча?

45. Циферблатта саат жебелери 12 : 25 мүнөттү көрсөтүп турат. Эгерде саатты көрсөтүүчү жебени мүнөттү көрсөтүүчү жебе менен алмаштырып койсо, саат канча болот?

46. Эки эне, эки кыз, ошондой эле чоң эне небереси менен. Баары канча адам?

47. Бир атанын 6 баласы бар. Ар бир баласынын бирден эжеси да бар. Ошондо атада канча перзенти бар?

48. Эки колдо 10 бармак бар, ал эми он колдочу?

49. **А)** Азыркы биз колдонуп жүргөн цифраларды «араб цифралары» деп айтуу туурабы? **Б)** Бул илимпоз-математик биринчилерден болуп сандарды так жана жуп, жөнөкөй жана курама сандар деп бөлгөн. Анын аты-жөнү ким?

50. **А)** Ондук бөлчөктөрдүн ойлоп табуучусу деп кимди санашат? **Б)** Чыныгы тамгалык символиканы математикага ким киргизген?



§ 16. Музыка боюнча суроолор

1. «Берчи мага жарым кашык музыка» ыр саптары кимдин калемине таандык?

2. Австралиядагы учпай турган бул куштун аты эки нотадан турат. Ал кайсы куш?

3. Балалайка кайсы элдин музыкалык аспабы?

4. Төрт адамдан турган музыкалык топ эмне деп аталат?

5. Эки аспап тең жалпысынан «фортепиано» деп бир эле сөз менен аталып жүрөт. Бирок алардын өздөрүнүн дагы аттары бар. Алар кайсылар?

6. Ырга обон жараткан адамды ким деп айтабыз?

7. Оркестрди таяк менен башкарган адам ким?

8. Көлөмү боюнча эң чоң деп эсептелинген музыкалык аспап кайсы?

9. Музыкалык коштоосуз ырдоо же инструменталдык коштоосу жок чыгарманы аткаруу эмне деп аталат?

10. Камбаркан эмненин башы деп айтылып жүрөт?

11. Комуздун оозго ылайыкташтырылган бир тууганы эмне?

12. Ырдын жаңыланган өзгөртүлгөн бөлүгү эмне?

13. Музыкалык чыгармадагы үндүн графикалык сүрөттөлүшү эмне деп аталат?

14. Эркектердин эң бийик ырдоо үнүн эмне деп аташат?

15. Музыкалык чыгарманын сөзүндөгү улам-улам кайталануучу сүйлөмдөрдүн түркүмү эмне?

16. Бир обонду чогуу бирдей же ар кандай аспаптар менен аткарган музыкалык ансамблды эмне дейбиз?

17. Кино же анимациялык тасманын музыкалык жасалгыланышы кандайча аталат?

18. Бир нече ырлардын кошулмасы аркылуу даярдалган чыгарманы эмне дешет?

19. Кайсы бийди мурунку мезгилде канжар менен бийлеш керек болгон?

20. Хор дирижеру оркестр дирижерунан тышкы көрүнүшү боюнча эмнеси менен айырмаланат?

21. Ырларды музыка менен коштоо музыкалык тилде эмне делет?

22. Кайсы музыкалык терминди французчадан кыргызчага которгондо «тегерек» дегенди билдирет?

23. Аткарып жатып эле музыка жарата берүү көрүнүшү эмне деп аталат?

24. Кайсы музыкалык аспап байыркы орус ырчысынын, жомокчусунун аты менен аталып жүрөт?

25. Оркестрдын коштоосунда же хордо ырдап же ойноп жаткан ырчы же музыкант ким?

26. Ксилофондо, барабанда, тарелкаларда ойноочу музыканттты кандайча аташат?

27. Фортепианонун ата-бабалары кайсы аспаптар болчу?

28. Кайсы музыкалык аспап көлөмү боюнча чоң – скрипкабы же альтпы?

29. Кайсы композитор баарынан көп симфония жазганга үлгүргөн?

30. Бизге белгилүү канча нота бар?

31. Фортепианодо канча ак, канча кара клавишасы бар?

32. Төмөнкү аспаптардын ар биринде канчадан кылы бар: комузда, балалайкада, домбрада, скрипкада жана гитарада?

33. Кайсы композитордун фамилиясы орусча сүт азыгын элестетет?

34. Музыканттардын тамгасы эмне?

35. Бул музыкалык аспап көпөлөктүн чоң канатына абдан окшош. Ал кайсы аспап?

36. Мурунку мезгилдерде бул жаныбарларды скрипачтар колдору тердебеш үчүн кутучаларга салып, өздөрү менен кошо ала жүрүшкөн? Кайсы жаныбарлар жөнүндө сөз болуп жатат?

37. Аккордеон эң алгач кайсы жерде пайда болгон?

38. Венгриялык композитор Ференц Лист бул музыкалык аспапты «бардык аспаптардын падышасы» деп атаган. Эмнени?

39. Кандай музыканы вокалдык музыка деп аташат?

40. Кайсы музыкалык инструменттер биринчи пайда болгон?

41. Кайсы нота бардык ноталардан кийин пайда болгон?

42. Италия жана француз тилдеринен которгондо *балет* сөзү эмнени билдирет?

43. Тогуз адамдан турган ансамбль кандайча аталат?

44. «Аида», «Риголетто», «Травиата» сыяктуу улуу операларды ким жараткан?

45. Операда, операттада, балетте кириш иретинде ойнолуучу музыкалык чыгарма эмне?

46. Грекчеден которгондо *симфония* сөзү эмнени билдирет?

47. Тенор, баритон, бас, сопрано, альт, контральто – булар эмнелер?

48. Бул улуу немец композитору 1770-жылы төрөлүп, 1827-жылы көз жумган. Ал негизинен өзүнүн катар номерлүү симфониялары менен дүйнөгө белгилүү. Ал ким?

49. А) «Айчүрөк», «Манас», «Токтогул» опералары кыргыздын кайсы улуу композиторунун калемине таандык? Б) Кыргыз республикасынын мамлекеттик гимнинин музыкасын Калый Молдобасанов менен кошо дагы ким жазган?

50. А) Атай Огонбаев кыргыз элине ким катары белгилүү? Б) Кыргызстанда кайсы мекеме композитор Куренкеев Мураталынын ысымын алып жүрөт?

§ 17. Орус адабияты боюнча суроолор

1. Имя, какой заглавной героини романа Л.Н. Толстого одинаково читается как слева направо, так и справа налево?

2. Всего лишь два, каких предлога необходимы прозаику для создания всех его произведений?

3. Какой сказочный герой ещё с советских времён утоляет жажду наших ребятишек?

4. Названия, каких произведений Н.В. Гоголя состоят всего из трех букв?

5. Кто из русских писателей был непревзойденным автором коротких фраз и утверждал, что «краткость - сестра таланта»?

6. Какие три одноименных произведения написаны А.С. Пушкиным, М.Ю. Лермонтовым и Л.Н. Толстым?

7. Как заканчивается фраза Н.В. Гоголя: «Чуден Днепр .....»?

8. Кто из русских писателей был по образованию врачом?

9. Сколько лет рыбачил старик в «Сказке о рыбаке и рыбке»?

10. Какое произведение не принадлежит Александру Пушкину?

а) «Бородино»;

б) «Полтава»;

в) «Домик в Коломне»;

г) «Кавказский пленник»;

11. Кто из этих гоголевских персонажей «Мёртвых душ» отличался особой скупостью?

12. Герой, которому принадлежат слова: «Не хочу учиться, хочу жениться»?

13. Это - не только результат умножения, но и плод труда писателя или поэта. Что это?

14. Какой становится меткая фраза, когда её все узнают?

15. Как заканчивается название одной из пьес А.Н. Островского «Свои люди - .....»?

16. Она - не только геометрическая кривая, но и сильное преувеличение для создания художественного образа. Что она?

17. Самый лучший знаток и рассказчик сказок – это ..... Кто?

18. Какому датскому писателю принадлежит автобиография «Сказка моей жизни»?

19. Он - не только специалист по раскрытию уголовных преступлений, но и литературное произведение, изображающее раскрытие запутанных преступлений. Что он?

20. Чем все очень разные сказки похожи друг на друга?

21. В 17 лет он преподавал в младших классах, сочинял сказки вместе с учениками. Ныне его сказки включены в итальянские учебники. Кто он?

22. *«Сижу за решеткой в темнице сырой*
Вскормленный в неволе орел молодой».

Найдите название стихотворения А.С. Пушкина?

23. Какая зверюга жаловалась Айболиту, что её укусила оса; не смогла пообедать у журавля; наказала Колобка за хвастовство?

24. Рекордсменом среди писателей с результатом 27 000 является Л.Н. Толстой, а на втором месте - А.С. Пушкин с 24 000. По какой номинации?

25. Найдите "лишнее": «Лошадиная фамилия», «Пересолил», «Муму», «Толстый и тонкий».

26. Инициалы, какого русского детского писателя состоят из трёх букв «Н»?

27. Как заканчивается название комедии А.С. Грибоедова: «Горе .....»?

28. По подсчётам учёных, герои произведений Шекспира произносят это слово 2259 раз. Что это за слово?

29. Одновременно сделать два дела, добиться осуществления двух целей – убить ..... зайцев. Сколько?

30. Сколько лет было А.С. Пушкину, когда он родился?

31. Какая очень известная сказка портит детям зубы?

32. В «Войне и мире» Л.Н. Толстого есть фраза: «Пьер Безухов распечатал письмо». Где же в то время Пьер взял компьютер и принтер?

33. У какого героя И.С. Тургенева не было звуковой карты?

34. Каким эпиграфом начинается повесть «Капитанская дочка» Александра Сергеевича Пушкина?

35. Он в голове у легкомысленного, несерьезного человека. Его советуют искать в поле, когда кто-либо бесследно исчез. На него бросают слова и деньги те, кто их не ценит. Что он?

36. У какого российского классика было два носа?

37. Определите, авторов этих произведений - «Ночь перед Рождеством», «Смерть чиновника», «Дети подземелья», «Записки охотника».

38. Назовите произведения, в названия которых входят слова-антонимы (то есть противопоставления)?

39. *«Я памятник себе воздвиг чудесный, вечный,*
Металлов тверже он и выше пирамид;
Ни вихрь его, ни гром не сломит быстротечный,
И времени полет его не сокрушит».
Найдите название стихотворения Г.Р. Державина?

40. Вставьте пропущенное слово в крылатую фразу, характеризующую очень глупого, недалёкого, бестолкового человека: «Без ..... в голове».

41. Каким было последнее желание старухи в «Сказке о рыбаке и рыбке»?

42. Какое произведение мы называем «Памятником древнерусской литературы»?

43. Назовите основные виды литературы.

44. В произведениях этого поэта-писателя животные выступали в роли людей. Какого?

45. Эпиграфом, к какому произведению служит пословица: «На зеркало неча пенять, коли рожа крива»?

46. Большую часть жизни он провел за границей, но писал о России. Кто?

47. Кто автор этих слов? «Терпи, казак, атаманом будешь!»

48. Фамилия какого поэта Шеншин?

49. А) Откуда эти строки?

Старик! Я слышал много раз,
Что ты меня от смерти спас,
Зачем? ... Угрюм и одинок,
Грозой оторванный листок,
Я вырос в сумрачных стенах,
Душой дитя, судьбой монах .....

Б) Какое из этих произведений принадлежит Некрасову? «Парус» «После бала» «Гроза» «Три сестры» «Мороз Красный нос»

50. А) Однажды Сергей Есенин сказал Маяковскому: - Ваши стихи как будто из чугуна – ну что можно из чугуна сделать? **Б)** Кто автор этих слов? «Больше пятисот рублей не дам. А убьете – ничего не возьмете»



§ 18. Орус тили боюнча суроолор

1. Что смягчает боль?

2. Продолжите ряд букв: О, Д, Т, Ч, ... ?

3. В каком слове 40 гласных?

4. В каких словах по 100 согласных?

5. Какое слово принадлежит только каждому из вас, а употребляют его чаще всего ваши друзья, родные?

6. Найдите в тексте слово, образованное путём перехода одной части речи в другую.

Я смотрю – в избе мой брат,
У него шинель до пят.
Он с запиской отпускной
К нам пришел на выходной.

7. Как большой дом превратить в маленький?

8. Найдите четвёртое лишнее слово: ***носок, мозоль, телефон, помидор.***

9. Найдите четвёртое лишнее слово: ***брюки, хлопоты, дверцы, вилы.***

10. О какой части речи это стихотворение?

Определяю я предметы,
Они со мной весьма приметны.
Я украшаю вашу речь,
Меня вам надо знать, беречь!

11. К каким частям речи можно отнести слова ***жаркое, звонок, мелок?***

12. У каких существительных больше всего одинаковых (совпадающих) падежных окончаний?

13. В каком глаголе слово **нет**, слышится 100 раз?

14. Какое слово жалуется, что ему не хватает до сотни?

15. Какой алфавит состоит всего из шести букв?

16. Как превратить высокую траву, растущую по берегам водоёмов, в маленького грызуна?

17. Какое местоимение превратится в союз, если прочесть его справа налево?

18. В каком числительном содержится приказ?

19. Иногда его вешают, задирают, везде суют, а иногда с ним остаются. Что это?

20. Какова разница в значении между словами индус и индеец?

21. Какое местоимение женского рода превратилось в существительное - спортивный термин?

22. Назовите минимум три глагола, которые не употребляются без -ся?

23. Образуйте совершенный вид от глаголов: говорить, ловить, брать.

24. Как образовались наречия сегодня и завтра?

25. В слове легкий буква г произносится как х. Вспомните еще два слова, имеющих такую же особенность.

26. Отгадайте загадку в стихах: С буквой ***о*** я круг приятелей, С буквой ***а*** - мероприятие?

27. В русском языке есть одно слово с 7-ю буквами ***о***. Назовите его, если никаких других гласных в нём нет.

28. Будущее время от глагола ***любить*** с точки зрения молодой девушки?

29. Какой знак препинания часто болеет?

30. Какую букву нужно убрать из существительного ***полотно,*** чтобы превратить его в наречие?

31. Какую букву нужно заменить в существительном ***пенал,*** чтобы оно стало глаголом?

32. Какое местоимение может работать как приставка?

33. Какой суффикс имён существительных выдаёт кассир в магазине?

34. Из какой части слова можно сварить кашу?

35. Как из двух приставок образовать глаголы повелительного наклонения?

36. В каких словах есть тридцать приставок и ни одного корня?

37. Какая приставка, упав в ***траву,*** сделает её совершенно непригодной пищей для животных?

38. Если приставки придут прогуляться в сосновый бор, то во что они его превратят?

39. У коровы две, у собаки одна, у кошки одна. Сколько у носорога?

40. Угадайте, какое это слово?


Корень в слове *снежинка*,
Приставка в слове *подъезжал*,
Суффикс в слове *лесник*,
Окончание в слове *стол*.

41. Расположите в порядке возрастания слова: ***предложение, буква, слово, слог, текст, абзац.***

42. «Сама не ем, а людей кормлю». Что это?

43. На каком языке говорят молча?

44. Соберите пословицы:



45. Чем кончается лето?

46. Подберите к словам антонимы так, чтобы первые буквы составили слово, имеющее отношение к мудрости.

широкий – ...
твердый – ...
старый – ...
скучный – ...
дробный – ...

неряшливый – …

47. У коровы шесть, у козы четыре, у курицы шесть. Сколько у кошки?

48. Какой остров сам себя называет предметом белья?

49. В каком слове «спрятался» напиток и природное явление?

50. А) Исключите лишнее слово: приставка, предлог, суффикс, окончание, корень. **Б)** Что у коровы впереди, а у быка позади?



§ 19. Физика боюнча суроолор

1. Эң «күлүк» физикалык чоңдук кайсы?

2. Кайсы физик окумуштуу биринчилерден болуп атмосфералык басымды өлчөгөн?

3. Атомдун ядросунун айланасында айланып жүрүүчү элементардык бөлүкчө эмне?

4. Жарык кубулуштарын үйрөтүүчү физиканын бөлүгү эмне деп аталат?

5. Жыштыгы 20 000 Гц ашкан үндү кандай үн дешет?

6. Биздин ар бирибизде бар оптикалык прибор эмне?

7. Заттардын бири-бирине өз алдынча кошулуп, өтүп, аралашып кетүү кубулушу, кандай кубулуш делет?

8. Ал Россияда эң биринчи радиону ойлоп тапкан окумуштуу. Ким?

9. Күч менен жолду көбөйтсөк, кайсы физикалык чоңдук келип чыгат?

10. Бир куб метрдин миңден бир бөлүгүн эмне дешет?

11. Ватт менен кайсы физикалык чоңдукту өлчөп келишет?

12. Бардык заттардын эң майда бөлүкчөсү эмне деп аталат?

13. Күчтү өлчөө бирдиги эмне деп аталат?

14. Кайсы физикалык бөлүкчөлөр эң биринчи ачылган?

15. Силер муздаткычтын эшигин ачып койдуңар. Бөлмөдөгү температурада кандай өзгөрүүлөр болот?

16. Отоо чөптөрдүн тамыры топуракта араң кармалып турса дагы, эмне үчүн аларды жерден дароо сууруп ала албайбыз?

17. Адам мүдүрүлүп чалышып кеткенде жана тайгаланып кеткенде кантип жыгылат?

18. Эмне үчүн тирүү балыкты колдо кармап туруу кыйын?

19. Кайсы балыктарды тирүү электростанциялар деп аташат?

20. Помидорду, капустаны, бадраңды ж.б. жашылчаларды туздоо кандай физикалык кубулуш менен негизделет?

21. Түбөлүк калкып жүргөн муздардын арасында жашоочу киттер, морждор, тюлендер дайыма өздөрүнүн жогорку температурасын (38-40° С) сактап жүрүшөт. Кантип?

22. Эмне үчүн муз оор болсо дагы чөгүп кетпестен, суунун бетинде калкып жүрө берет?

23. Эмне үчүн суунун астында кол чабуу кыйын?

24. Эмне үчүн чаң, ыш каптаган, кир кар, таза карга караганда тезирээк эрийт?

25. Бөтөлкөдөгү сууну бөтөлкөнү кыйшайтпай туруп, кантип куюп алууга болот?

26. Кагаздан жасалган (картон) коробкадагы сууну жалындаган ачык оттун үстүнө коюп кайнатууга болот. Муну кантип түшүндүрүп бере аласыңар?

27. Бош айнек бөтөлкөнүн ичине түтүндү киргиздиңер дейли. Эми бөтөлкөнүн ичине сууну же дагы башка суюктукту куйбастан, түтүндү кантип чыгарып салууга болот?

28. Эмне үчүн жоон капталдуу стакандар ичке капталдуу стакандарга караганда ысык суу куйганда, көбүнчө жарылып кетет?

29. Сутка качан кыскараак: кышындабы же жайындабы?


30. Рычаг таразасынын эки табагында суу менен толтурулган эки чака турат. Суунун деңгээли экөөсүндө тең бирдей. Алардын бирөөсүндө жыгач устун калкып жүрөт. Мындайда тараза тең салмактуулукта болобу?

31. Столдун бетине туздан бир аз төгүп, ага талкаланган кызыл калемпирден кошуп, аралаштырып коюшкан. Эми тузга да, калемпирге да тийбестен, физикалык жол менен аларды бири-бириден бөлүп алуу керек. Кантип?

32. Тело деп физикада эмнени атап жүрүшөт?

33. Табактуу таразанын бир жагына 10 кг мык, экинчи жагына 10 кг темир гирялар коюлган. Кокусунан тараза ушул абалында сууга чөгүп кетсе, суунун астында тең салмактуулукту сактайбы?

34. Бул сүрөттө эмне чагылдырылган (7-сүрөт)?



7-сүрөт.

35. Механика эмнени окутуп үйрөтөт?

36. ***Физика*** сөзү грек тилинен которгондо эмне дегенди билдирет?

37. Бөлмөдөгү абанын ысышын, муздардын эришин, суунун кайнашын ж.б. жылуулук кубулуштарын окутуучу физиканын бөлүгү кайсы?

38. Физиканын бул бөлүгү күн күркүрөгөндө чагылгандын пайда болуусун, металл буюмдардын магнитке тартылуусун, электр тогун ж.б. окутуп үйрөтөт. Кайсы бөлүгү?

39. Чайнектеги суунун кайнашы, үтүктүн ысышы, лампочканын жарык берүүсү, балмуздактын эрүүсү ж.б. Физикада бул көрүнүштөр эмне деп аталат?

40. Физикада убакыт менен ылдамдыкты кайсы тамгалар менен белгилеп жүрүшөт?

41. Атмосфералык басымдын өлчөө бирдиги эмне?

42. Бул улуу физиктин башына алма түшүп кеткенден кийин, ал дүйнөгө белгилүү закон ченемдүүлүктү ачкан. Ал ким жана эмнени ачкан?

43. Паскаль (1623-1662), Кулон (1736-1806), Ампер (1775-1836), Ом (1787-1854), Фарадей (1791-1867). Бул улуу физиктердин ысымдары кандай?

44. Физика боюнча Нобель сыйлыгын эң биринчи кайсы окумуштуу алган?

45. Бул физик аял башкалардан айырмаланып Нобель сыйлыгын эки ирет алган. Ал ким?

46. Ар сутка сайын Жер ушунун эсебинен 400 тонна салмакка ээ болуп турат. Эмненин эсебинен?

47. А) Дүйнөдөгү эң биринчи буу кыймылдаткычын ким ойлоп тапкан? **Б)** Мажбурлап нурлантуунун натыйжасында жарыктын күчөтүлүшү бул – эмне?

48. А) Биологдор үчүн бул – тирүү жандыктардын жашоо чөйрөсү, физиктер үчүн - диэлектрик, связист үчүн – эфир. Ал эми жөнөкөй адам үчүн – бул эмне? **Б)** Кайсы термометр биринчи пайда болгон?

49. А) Кандай талааны эгип-себүүгө болбойт? **Б)** Абдан кыйынчылык менен эрүүчү металл кайсы?

50. А) Кайсы шакектерди тагынуу мүмкүн эмес? **Б)** Бардык предметтин айланасында кандай талаа бар?

§ 20. Химия боюнча суроолор

1. Түштүк Америкадагы кайсы мамлекет күмүштүн урматына аталган?

2. Кайсы элементтердин аталышы планеталардын аталыштары менен окшош?

3. Кайсы элементти жашоо менен өлүмдүн элементи катары сапоого болот жана эмне үчүн?

4. Эгерде алманы жипке байлап асып туруп, магнитти жакындатсак, тынч абалдагы алма кыймылга келе баштайт. Эмне үчүн?

5. Иштетүүгө элпек, жумшак, сары түстөгү баалуу металл кайсы?

6. Кайсы кислота эң уулуу делет?

7. Эрте мененки тамакка отурардан мурда адамдар кайсы тузду колдонушат?

8. Кайсы планетаны "кызыл планета" деп аташат жана эмне үчүн?

9. Бул газ Венерада ашыкча эле көп, ал эми Жерде болсо газдалган суусундуктарда пайдаланылат. Ал кайсы газ?

10. Эмне үчүн космосто Жердегиден айырмаланып каалаган металлды мыкты эритүүгө болот?

11. Эритилген кайсы металл менен сууну тондура алышат?

12. Кайсы металл эң жеңил жана кайсы металл эң оор деп саналат?

13. Кайсы алтын күмүштөн "арзанираак"?

14. Бул химиялык затты техникада каустикалык сода дешет. Эмнени?

15. Аммиак эритиндисинин дагы эки аталышы кандай?

16. Тамак содасын кир жууй турган содадан кантип тажрыйбалуу жол менен айырмалоо мүмкүн?

17. Дүйнөгө белгилүү швед химиги Альфред Нобель (1833-1896) химия илиминде эмнеси менен белгилүү?

18. Ядросунда бирдей сандагы протондор, бирок ар түрдүү сандагы нейтрондор бар бир химиялык элементтин атомдору эмне деп аталат?

19. Эмне үчүн химиялык элементтерге караганда жөнөкөй заттар көбүрөөк?

20. Бул химиялык элементтин 8 протону, 8 электрону жана эки аллотроптук модификациясы бар. Ал кайсы элемент?

21. Кайсы газды биринчи дүйнөлүк согуш учурунда коргонуучу химиялык курал катары пайдаланышкан?

22. Негизинен коргошун менен цинктен турат жана алар менен кошо жез, алтын, күмүш, кадмий, висмут, калий, индий, галлий кошо кездешкен комплекстүү рудалар эмне деп аталат?

23. Суунун химиялык составын эмнелер түзөт?

24. Жер кыртышында пайда болгон газ түрүндөгү углеводороддор кайсылар?

25. Ядролордун заряды бирдей, бирок нейтрондорунун саны ар түрдүү болгон элементтердин түрлөрү эмне деп аталат?

26. Дмитрий Менделеевтин мезгилдик системасында канча элемент бар?

27. Бир заттан экинчи бир затка айлануу процесси эмне деп аталат?

28. Бир заттан бир нече заттын пайда болушу эмне деп аталат?

29. Химия илими боюнча илимдин доктору наамын алган биринчи кыргыз окумуштуусу ким?

30. Заттардын сандык составын, сандык катыштарын окутуучу химиянын бөлүгү эмне деп аталат?

31. Дмитрий Иванович Менделеевтин мезгилдик системасындагы алгачкы элемент кайсы?

32. Заттар жана алардын түзүлүштөрү, касиеттери жөнүндөгү илимди эмне дейбиз?

33. Тамакка салынуучу туздун формуласы кандай?

34. Бул заттар эки элементтен турат, алардын бирөөсү кычкылтек. Кайсы заттар?

35. Дмитрий Иванович Менделеевтин мезгилдик системасында канча топ (группа) бар?

36. Бул айнек идиште аз өлчөмдөгү заттарды арлаштырышат жана химиялык реакцияларды жүргүзүшөт. Эмнеде?

37. Самолетторду курууда кайсы жеңил металл иштетилет?

38. Металл эмес бул химиялык элемент тиш эмалына бышыктыкты жана аппактыкты берип турат. Ал эмне?

39. Алюминий жана темир кырындыларын эмнеинн жардамында айырмалоого болот?

40. Жер кыртышында кайсы металлдар көбүрөөк таркалган?

41. Формуланын жана химиялык элементтердин астындагы цифра эмне деп аталат?

42. Химияда заттардын санын өлчөөчү бирдик эмне?

43. Ал – эң катуу минерал, минералогиялык шкала боюнча 10-катарда турат, аны зергердик менен кырдалып жылмалангандан кийин бриллиант деп аташкан. Бул кайсы минерал?

44. Химияда заттардын эң майда, бөлүнбөс бөлүкчосү кандайча аталат?

45. Бул металл бөлмө температурасында суюк абалда болот. Ал кайсы металл жана кайсы жерде колдонулат?


46. Деңиз балырлары кайсы химиялык элементти өздөрүнө камтышат?

47. **А)** Эмне үчүн аквариумга кайнак суу жарактуу эмес? **Б)** Наполеондун өлүмүнө кайсы химиялык элемент себеп болгон?

48. **А)** Кошундулары жок, таза сууну, ошондой эле айрым учурда жамгыр суусун кандай суу дейбиз? **Б)** Таш комүрдүн курамында кайсы химиялык элемент басымдуулук кылат?

49. **А)** Адамдын организминде ал 3 г болсо, анын 2 г канында болот. Жер кыртышында таркалуусу боюнча ал кычкылтек, кремний жана алюминийден кийин турат? Эмне жөнүндө сөз болду? **Б)** Кайсы газ эң жеңил газ деп саналат?

50. **А)** Эмне үчүн алманын кесилген жери бара-бара саргайып кетет? **Б)** Дем алуу процессине катышкан бул элемент колөмү боюнча абанын 21% ээлейт. Ал кайсы элемент?



§ 21. Эмгек, технология жана сүрөт сабактары боюнча суроолор

1. Эмнени куйругунан кармап жерден өйдө көтөро албайбыз?

2. Витаминдер деген эмне?

3. Кездеменин же тактайдын узата жээгин эмне дешет?

4. Бардык тамак-аштын курамына кайсы заттар кирет?

5. Өзү үйдө болсо, башы көчөдө болот. Эмненин?

6. Бисерден көлөмдүү оюнчук жасоо үчүн кайсы материалдар керек болот?

7. Эмне үчүн үтүктү суу колубуз менен сууга болбойт?

8. «Көз коркок, ...». Макалдын уландысы кандай?

9. Букет жасоо искусствосу жана ушул искусствонун эрежелерине ылайык жасалган букет эмне деп аталат?

10. Кийимдерди эмнеден даярдап, тигишет?

11. Бул ишканадагы кызматкерлер адамдардын ар биринин өзүнүн ченин алып, аларга кийим, баш кийим, бут кийим тигип беришет. Кайсы ишканадагы?

12. Алар көбүнчө шымдардын, костюмдардын, фартуктардын ж.б. сыртына кадалып же тилинип жасалат. Бул ар бир кийимге өтө керек болгон деталдын аталышы кандай?

13. Чеберчиликтин кандай түрлөрүн билесиңер? Санап бергиле.

14. Дизайн деген эмне?

15. Кийимдерди токууда жиптердин кандай түрлөрү керектелет?

16. Ал элдик, көркөм, илимий, техникалык ж.б. болот. Ансыз кол өнөрчүлүк, чеберчилик менен алектенүүгө болбойт. Эмнесиз?

17. Мулине деген эмне?

18. Сайма саюу шайманы болгон пяльцы эмне кызматты аткарат?

19. Бир литр сүттү муздаткычка, башка дагы бир литр сүттү бөлмөнүн ичине коюшту. Алардын кимисинде каймак тезирээк бетине калкып чыгып калат?

20. Кийим тигүүчү машинанын алгачкы проектин ким сунуштаган?

21. Столду жасалгалоодо вилканы тарелканын кайсы жагына коюу зарыл?

22. Синтетикалык буланы эмнеден алышат?

23. Сүрөттүн же чийменин көчүрмөсүн түп нускадан так түшүрүп алуу үчүн колдонулуучу тунук, жалтырак кагаз эмне?

24. Шамал десе да, кездеме десе да, конфета десе да болот. Эмнени?

25. Кийимдин кайсы деталдарын биринчи бычып алышат: чоңдорунбу же кичинекейлеринби?

26. Ал айтат: «Мен шрупсуз, мыксыз, винтсиз эле буюмдарды кадай алам», - деп. Ал эмне?

27. Тигүүдө ийненин түбү колго өтпөс үчүн колдонулуучу шакек сыяктуу төгөрөк буюм эмне?

28. Ал адам сүргү, араа жыттанат, бирок ал слесарь дагы, моляр дагы эмес. Анда ал ким?

29. Макалга таянсак, канча жолу өлчөп, бир жолу кесишибиз керек?

30. «Мен бардык жерге башымды тыга берем. Ар жагында эмне бар экендигин билиш үчүн дубалды дагы тешип салам». Бул сөздөрдүн ээси эмне?

31. Анын жумушу абдан оор. Анткени ал дайыма бир нерселерди кысып турат. Ал эмне?

32. Эки учу, эки шакекчеси жана ортосунда мыгы бар нерсе эмне?

33. А) Адамдар кайсы жашылчалардын тамырын жешет? Б) Кайсы жашылчалардын жалбырагын жешет? В) Кайсы жашылчалардын ургун жешет? Г) Кайсы жашылчалардын жемишин жешет?

34. Сыртынан караганда фенге окшош. Жүргүзсөң дубалды тешет. Эмне?

35. Букетти гүлдөрдүн так санынан кылышабы же жуп санынанбы?

36. Өзү ийнеге окшош шиш, бирок тиккенге жарабайт. Эмне?

37. Жыгач балка эмне менен жупта (бирге) иштейт?

38. Биз бак-даректарды кыюучу араа, шприц, стетоскоп (тыңшагыч), суу өткөрүүчү кран, секатор, тарак, гайка бураочу ключ, сүргү, үболүк, көрсөткүч таякча (указка), чөмүч таап алдык. Алар кимдерге таандык?

39. Өзүнүн чыгармачылыгын деңиз сүрөтүн түшүрүүгө арнаган сүрөтчүнү эмне дейбиз?

40. Живопистин же графикалык иштин алгачкы жасалган проектин (набросогун), даярдык планын эмне деп аташат?

41. «Сүрөттөөчү искусство» деген түшүнүк искусствонун кайсы түрлөрүн өзүнө камтыйт?

42. Автопортрет деген эмне?

43. Картиналар сакталуучу жай эмне деп аталат?

44. «Көгүчкөн – тынчтыктын символу» деген дүйнөгө белгилүү сүрөттүн автору кайсы белгилүү адам?

45. Сүрөтчү боекторун куюп аралаштыруучу кичинекей тактайды эмне деп атап жүрүшөт?

46. Бир тондуу сүрөт кайсы сүрөттөөчү искусствонун негизи болуп саналат?

47. Кайсы үч түстү негизги түстөр дешет жана эмне үчүн?

48. Сүрөттөөчү искусстводо кайсы абдан керектүү предметтин аталышы түрк тилинен которгондо «кара таш» болуп калат?

49. А) Акварель менен иштегенде кандай кистти колдонбоо керек? **Б)** Эмне сүрөт тартуу техникасынын негизги элементи болот?

50. А) Дүйнө элине белгилүү мыкты картиналардын бири «Джоконданын» автору ким? **Б)** Искусство чыгармаларынын жыйнактарын, картиналарды көрсөтүү, сактоо жана сатуу үчүн атайын жасалган имарат эмне?





Жооптор

Англис тили боюнча суроолордун жооптору

1-жооп: I am же I do.

2-жооп: ***Queue*** (кезек) сөзү.

3-жооп: Бул панграмма, б.а., бул сүйлөм англис алфавитиндеги 26 тамганын баарын өзүнө камтып турат.

4-жооп: Хэллоуин.

5-жооп: Тамак даярдоо дегенди билдирген этиштен. Демек, келин - бул тамак даярдоочу.

6-жооп: ***Uncopyrightable*** (автордук укуктагы мыйзамга таандык эмес) сөзү.

7-жооп: ***Screeched*** сөзү - бир муундан турган эң узун сөз.

8-жооп: «Ее» тамгасы.

9-жооп: Ab – sent.

10-жооп: Диалекттин. АКШда англис тилинин диалектисинин 24 түрү бар.

11-жооп: Perfect Tense чагы менен.

12-жооп: ***Level*** сөзү.

13-жооп: Англис тилиндеги эң узун сөз экендиги менен.

14-жооп: Мааниси боюнча карама-каршы антоним сөздөр.

15-жооп: А) ***North, East, West*** жана ***South*** создорүнүн баш тамгаларынан. Б) ***World, Wide, Web*** создөрүнүн кыскартылган формасы.

16-жооп: «Goodbye» фразасы.

17-жооп: Indefinite чактык топто.

18-жооп: Dear Jane!

Thank you for your letter. I am so glad **that** you wrote to **me**! **Everything** is **fine** with me. I am **preparing** for entrance **exams** to the university. I would **like** to invite you to **come** and **see** me next **week**. Please let me know if this is convenient **for** you. I hope to **see** you soon.

Your Jack.

19-жооп: ***Chicken, sky*** сөздөрү.

20-жооп: Sugar.

21-жооп: Watermelon.

22-жооп: ***Pie – sky.***
Phone – bone.
Book - cook, took.
Bad - dad, sad, mad.
Cat – fat.

23-жооп: Volleyball.

24-жооп: Kid. Бул жерде үй жаныбарларынын балдары жөнүндө сөз болуп жатат.

25-жооп: ***Butterflies*** (көпөлөктөр) аталган.

26-жооп: «**Rr**» үнсүз тамгасы, андан кийинки орунда «**Tt**» тамгасы турат.

27-жооп: «Ii» тамгасыдан кийин келет.

28-жооп: Hungry.

29-жооп: Оксфорд университети.

30-жооп: ***Alpha*** жана ***beta.***

31-жооп: Жалаң көптүк түрдө гана колдонулуучу зат атоочтор.

32-жооп: ***Underground*** (жер астындагы) сөзү.

33-жооп: A snowman (кардан жасалган киши).

34-жооп: Айрым сөздөрдүн англисче сөздөрдүн америкалык (биринчи тарап) жана британиялык(экинчи тарап) вариантгарынын жазылышын.

35-жооп: ***Arm*** – бул колдун ийинден (далыдан) кыр муунга чейинки бөлүгү, ал эми ***hand*** – колдун кырк муундан ылдыйкы бармактарды жана алаканды кошо камтыган бөлүгү.

36-жооп: **FAQ** - Frequently Asked Questions (көп берилүүчү суроолор), **SOS** - Save Our Souls (биздин жаныбызды сактаңыздар) же Save Our Ship (биздин кораблды сактаңыздар), **US** - United Kingdoms (Бириккен королдук), **USA** - United States of America (Америка Кошмо штаттары).

37-жооп: Жок бул учурда аларга «**-es**» мүчөсү жалганат.

38-жооп: Сын атоочтун куранды мүчөлөрүн. Алар аркылуу зат атоочтордон сын атоочтор жасалат. Мисалы, *comfortable, cultural, famous, rainy* ж.б.

39-жооп: Төрт жүзгө жакын, бир күнүмдүк сүйлөшүү кебинде алардын эки жүзгө жакынын билүү жетиштүү.

40-жооп: Этиштин туюк залогун кошпогондо 16 чак. Туюк залог 10 чактан турат. Ошондо жалпысы 26 чак бар.

41-жооп: Бул курама мүчөнүн сын атоочторго жалгануусу аркылуу англис тилинде тактоочтор түзүлөт.

42-жооп: Төрт бөлүктөн. Англия, Шотландия, Уэльс, Түндүк Ирландия.

43-жооп: ***Rhythms*** сөзү.

44-жооп: Wash – ing – t – on.

45-жооп: «Ss» тамгасы.

46-жооп: ***Dream*** туура эмес этишинин өткөн чактык формасы ***dreamt.***

47-жооп: А) A year. **Б)** ***Leaves, cities, keys, knives, feet, mice, oxen*** болот.

48-жооп: А) ***Green, yellow, blue, black, white, grey.*** **Б)** Таблицада көрсөтүлгөн.

1. England	a) London
2. Wales	b) Cardiff
3. Scotland	c) Edinburgh
4. Northern Ireland	d) Belfast

49-жооп: А) Will have spoken, shall have spoken. **Б)** Referee (калыс же судья).

50-жооп: А) ***Knowledge is power. Better late than never. Actions speak louder than words.*** **Б)** ***Forecast, lightning.***

Астрономия боюнча суроолордун жооптору

1-жооп: Сатурн.

2-жооп: Жерден.

3-жооп: Юпитер.

4-жооп: Нептун.

5-жооп: Уч.

6-жооп: Эллипс боюнча.

7-жооп: Күнгө өтө жакын болгондуктан.

8-жооп: Николай Коперник.

9-жооп: Обсерватория.

10-жооп: Гамма, дельта жана омега.

11-жооп: Немец философу Иммануэль Кантка.

12-жооп: Жаңы пайда болгон жылдыздарды.

13-жооп: 365 сутка, 5 саат, 49 мүнөт.

14-жооп: Ай менен Жердин ортосундагы орточо аралык.

15-жооп: Ар жылы 21-мартка.

16-жооп: Ар жылы 23-сентябрда.

17-жооп: Кичи Жетигендин α сынын.

18-жооп: Күнгө чейинки орточо аралык. Демек, ал жылдыз – Күн.

19-жооп: Меркурийдики.

20-жооп: 6 000ге жакын.

21-жооп: Ай.

22-жооп: Телескоп.

23-жооп: Метеорит, астероид.

24-жооп: «Восток».

25-жооп: Атмосфера.

26-жооп: Булут.

27-жооп: Аалам же космос.

28-жооп: Сидерикалык мезгил – 1 жыл.

29-жооп: Ар бир км сайын 6 градуска жогорулайт.

30-жооп: Валентина Терешкова.

31-жооп: Коен.

32-жооп: Белка и Стрелка.

33-жооп: Күн. Анын бетиндеги температура 6 000 гр. чейин жетет.

34-жооп: Жер.

35-жооп: Тогуз планета кирет.

36-жооп: Меркурий.

37-жооп: Марс.

38-жооп: Сатурн.

39-жооп: Плутон.

40-жооп: Плутондун. Жердеги 247 жылга барабар.

41-жооп: Меркурийдин, + 480 градус.

42-жооп: Күндүн тутулуусу.

43-жооп: АКШнын космонавттары 1969-жылы.

44-жооп: Астроном.

45-жооп: Болбойт, анткени Айда магнит талаасы жок.

46-жооп: Айда күкүрт күйбөйт. Курамында кислород камтылган башы гана жалт этиши мүмкүн.

47-жооп: Зенит – бул байкоочунун тик төбөсү.

48-жооп: Жесттердин жана радионун жардамында. Жерде үн аба аркылуу таралат. Ал эми айда аба жок, ошондуктан дайыма жымжырттык өкүм сүрүп турат.

49-жооп: А) 29 суткага созулат. Б) Саксагай жарык чыгаруучу дегенди.

50-жооп: Бийкеч жылдызы келет.

Башталгыч класстардын окуучуларына багытталган суроолордун жооптору

1-жооп: Өнөрү.

2-жооп: Экөө тең бирдей. 1 тонна = 10 центнер. 6 · 10 = 60.

3-жооп: Маутли.

4-жооп: Жез кемпир.

5-жооп: Такай.

6-жооп: «ы» тамгасы менен бүтөт. Бул жерде *баары* деген сөз назарга тутулуп жатат.

7-жооп: Чырпыктарды.

8-жооп: Арткы буттары алдыңкы буттарынан кыска болгондугу үчүн.

9-жооп: Жаңы-Жер деген айылдар же Түндүк Муз океанындагы Жаңы Жер архипелагы.

10-жооп: Беш жолу чакырган.

11-жооп: «Акылдуу бала» жомогунда.

12-жооп: Пингвин.

13-жооп: Сууну көп ичкендиктери үчүн.

14-жооп: Момолой (көр чычкан).

15-жооп: Мектеп.

16-жооп: Алты.

17-жооп: Жашыл.

18-жооп: Хоровод.

19-жооп: Жети. Кыз эң улуусу болот.

20-жооп: Жалынан кармап.

21-жооп: Пил. Бийиктиги 3-5 метр, салмагы 7 тоннага чейин.

22-жооп: Самокат.

23-жооп: Акыл Карачач.

24-жооп: Үндөрдү жакшы угуу жана кулактарын желбиретип денесин салкындатуу үчүн.

25-жооп: Беш сезүү органы бар: кулак (угуу), көз (көрүү), мурун (жыттоо), тил (даамдоо), дене (сезүү).

26-жооп: Алтымыш төрт клетка бар.

27-жооп: Өчүрүлгөн торт шам калды. Калгандары күйүп жок болду.

28-жооп: Карышкырлардан.

29-жооп: Таракан.

30-жооп: Жүз градуста (100°) кайнайт.

31-жооп: Кемпир.

32-жооп: Балдары караңгыда энесин жоготуп албоосу үчүн.

33-жооп: Алма дарагы.

34-жооп: Дем алат.

35-жооп: Океанда.

36-жооп: Конструктор.

37-жооп: Мышыкты.

38-жооп: Какао.

39-жооп: Аквариум.

40-жооп: Итке.

41-жооп: Көгүчкөн.

42-жооп: Чычкандардан.

43-жооп: Ар жылы биринчи июнда.

44-жооп: Жамгыр жаабаган учурда.

45-жооп: Буттарында курч тырмактары болгондугу, жецилдиги жана куйругу рулдун кызматын аткаргандыгы үчүн.

46-жооп: Санта Клаус.

47-жооп: Кызыл китепке.

48-жооп: 3 так, 4 жуп сан бар.

49-жооп: А) Доо. **Б)** Элүү бармак болот.

50-жооп: А) Көлмодогү сууга жумуртка туушат. **Б)** Жерге.

Биология, зоология боюнча суроолордун жооптору

1-жооп: Германияда – фиалка, Югославияда – мимоза, Англияда – незабудка, Россияда – папоротник.

2-жооп: Анткени сөөктөрүнүн ичинде аба баштыкчалары болгондугу үчүн.

3-жооп: А) Хризантема гүлү. **Б)** ***Анатомия*** болуп.

4-жооп: Осьминогдордун, каракатицалардын (деңиз моллюскасынын бир түрү), кальмарлардын.

5-жооп: Көк.

6-жооп: Коңгуроо гүлдүн.

7-жооп: А) Мындай өсүмдүктөр жок. **Б)** Дрофа кушу же дрофа Кори.

8-жооп: Колибри.

9-жооп: Гепард. Ал саатына 110 км чуркай алат.

10-жооп: Арс чычкан.

11-жооп: А) Пияз жана хрен. **Б)** Жөргөмүштүн желесин.

12-жооп: Бутунда.

13-жооп: Жолборс.

14-жооп: А) Арча (миң жылга чейин). **Б)** Экөөнүкү тең бирдей (жетөө).

15-жооп: А) Арахис. **Б)** Микроорганизмдер.

16-жооп: А) Дарбыз, коон, ашкабак. **Б)** Атка окшогон деңиз балыкчасынын (морской конектун).

17-жооп: А) Пахта, каакым талааларын. **Б)** Киви кушуна.

18-жооп: Тамекинин.

19-жооп: Чыныгул, Роза, Лилия, Нарцисс ж.б.

20-жооп: Николай Гоголдун (гоголь – өрдөктүн бир түрү).

21-жооп: Ак аюу.

22-жооп: А) Африка пили. **Б)** Ийне жалбыракгуулар.

23-жооп: Калифорния кондору.

24-жооп: А) Канында. **Б)** Бамбук. Ал суткасына 1 метрге чейин өсөт.

25-жооп: Бакалар.

26-жооп: Көк киттин. Алардын тили 3 тоннага жакын салмак басат.

27-жооп: А) Александр Флеминг (1881-1955). **Б)** Жок. Көк түстөгү розалардын жаратылышта озу жок.

28-жооп: Ооба. Бул адаттагы эле корүнүш. Сөз секвойя дарагы жөнүндө болуп жатат. Ага генерал Шерман деген ысым ыйгарышкан.

29-жооп: Жок. Андай болбойт. Бышкан дандын кабыгынан ажырап түшүп калуусуна гусеницалар жардам берет.

30-жооп: Сол капталдагы өпкө оң капталдагыга караганда кичинерээк. Анткени көкүрөк клеткасынын бир бөлүгүн жүрөк ээлеп турат.

31-жооп: Жаргакчалары.

32-жооп: Анемия (аз кандуулук) оорусу.

33-жооп: А) Бактериялар. **Б)** Жок. Ал бүркүт уясы болчу.

34-жооп: Экөөнүкү тең барабар (5x8 = 4x10 = 40).

35-жооп: Малина – Калина.

36-жооп: А) Микология. **Б)** Ат, ал шахмат фигурасы болсо.

37-жооп: Шахматтагы.

38-жооп: Гвоздика.

39-жооп: Трюфель.

40-жооп: 100 триллион.

41-жооп: 40 тоннага жакын.

42-жооп: Картошка жөнүндө.

43-жооп: А) Поганка козу карыны. **Б)** Топоз.

44-жооп: А) Пеницилл козу карыны. **Б)** Маймыл.

45-жооп: А) Эритроциттер. **Б)** Чөө бөрү.

46-жооп: Куш жүндөрү менен.

47-жооп: А) Кайыңдын. **Б)** Автотрофтук жол.

48-жооп: Шилекейи менен.

49-жооп: Туруктуу канаттуулар.

50-жооп: А) Нарцисске. **Б)** Адамда 218 сөөгү бар.

География боюнча суроолордун жооптору

1-жооп: Байыркы Грецияда.

2-жооп: Бул бир эле тоонун ар кандай аталыштары.

3-жооп: Глобус.

4-жооп: Алты.

5-жооп: Топонимика.

6-жооп: Гидросфера.

7-жооп: Экиге.

8-жооп: Арсланбаб.

9-жооп: Нарын области.

10-жооп: Франциянын.

11-жооп: Египетте.

12-жооп: Арал.

13-жооп: Төрт (Кытай, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан).

14-жооп: Меридиан.

15-жооп: Кой өстүрүү.

16-жооп: Ниагара.

17-жооп: Чүй.

18-жооп: Көпчүлүк бөлүгү тропикте жайгашкан.

19-жооп: Россия.

20-жооп: Берлинден.

21-жооп: Виктория.

22-жооп: Америка Кошмо Штаттарынын.

23-жооп: Бразилия.

24-жооп: Эратосфен Киренский (б.з.ч. 276-194).

25-жооп: Экватор сызыгы.

26-жооп: 12 742 км.

27-жооп: Австралия.

28-жооп: Тропосферада.

29-жооп: Евразияны.

30-жооп: Беринг кысыгы.

31-жооп: Жер ортолук деңиздеги Крит жана Кипр аралдары.

32-жооп: Байкал көлү.

33-жооп: Памир тоолорун.

34-жооп: Судак курорту.

35-жооп: Каспий жана Арал деңиздерин.

36-жооп: Ватиканды.

37-жооп: Россия.

38-жооп: Индия.

39-жооп: Панаманы.

40-жооп: Австралия.

41-жооп: Америка Кошмо Штаттарына.

42-жооп: Антарктида.

43-жооп: Кытайда.

44-жооп: «А» тамгасынан «Я» тамгасына чейин Россиядагы Амударья агат.

45-жооп: Австралия.


46-жооп: Джек Лондондун.

47-жооп: Куба аралы. Аягындагы "а" тамгасы түшүп калса, *куб* болуп калат.

48-жооп: Тынч океанда.

49-жооп: **А)** Каракум чөлү. "Каракум" деген балмуздак дагы бар. **Б)** АКШ менен Канаданын.

50-жооп: **А)** Түндүк Корея менен. **Б)** Израиль, Ливан, Жаңы Зеландия, Оман жана Великобритания.



Геометрия боюнча суроолордун жооптору

1-жооп: Беш бурчтукту.

2-жооп: Тегерек (тоголок).

3-жооп: Үч бурчтук.

4-жооп: Пирамида формасында.

5-жооп: Кыздардын.

6-жооп: Тегерек (айлана).

7-жооп: Циркуль.

8-жооп: Жайылма (жайылган) бурч.

9-жооп: Атлантика океанында.

10-жооп: Алты бурчтукту.

11-жооп: Тик бурчтуу үч бурчтуктан.

12-жооп: Ромбдорду.

13-жооп: Параллель сызыктар деп.

14-жооп: Чекиттерден.

15-жооп: Планиметрия.

16-жооп: Грек тилинен. Жер өлчөө дегенди билдирет (*гео* – жер, *метрия* - өлчөймүн).

17-жооп: Гипотенуза.

18-жооп: Төрт бурчтук.


19-жооп: Архимед.

20-жооп: Ауди.

21-жооп: Бурч. Көпчүлүк мугалимдер балдарды жазалаш үчүн бурчка тургузуп коюшат.

22-жооп: 180 градуска.


23-жооп: Даректарды "беш жылдыз" формасында отургузуу керек. Ошондо сызыктардын кесилишкен чекиттерине дарак тигилет (8-сүрөт).




8-сүрөт.

24-жооп: Бир чокунун ордуна 3 чоку пайда болот. Андыктан кубик рубикада (8-1)+3=10 чокусу калат.

25-жооп: 9-сүрөт.




9-сүрөт.



10-сүрөт.

26-жооп: 10-сүрөт.

27-жооп: Эрудиттин жапайы каздарын 11-сүрөттөгүдөй кылып бөлүп коюу керек. Ошондо Эрудит тынч жашайт.



11-сүрөт.


28-жооп: Жок. Болбойт.

29-жооп: 12-сүрөт.


30-жооп: 13-сүрөт.

31-жооп: Квадрат.

32-жооп: 1. $P = 15 + 15 + 5 + 5 = 40$ метр. **2.** $P = 2 \cdot 15 + 2 \cdot 5 = 40$ метр. **3.** $2\,(15 + 5) = 40$ метр. Демек, кашаанын узундугу 40 метр. Периметр – жактарынын суммасы.




12-сүрөт.




13-сүрөт.

33-жооп: 14-сүрөт



14-сүрөт.


34-жооп: 15-сүрөт.



15-сүрөт.

35-жооп: 16-сүрөт.


36-жооп: Тең капталдуу Трапеция.



16-сүрөт.

37-жооп: 17-сүрөт.

38-жооп: Тегерек болот.




17-сүрөт.

39-жооп: Бул фигура 35 үч бурчтукту камтыйт.

40-жооп: Кесинди пайда болот.

41-жооп: 18-сүрөт.



18-сүрөт.

42-жооп: 19-сүрөт.

43-жооп: Анын бардык жагынын узундугун суммасын.

44-жооп: Стереометрия.

45-жооп: Циркуль.


46-жооп: Ромб жөнүндө.

47-жооп: 31 үч бурчтук.


48-жооп: 20-сүрөт.

49-жооп: 21-сүрөт.


50-жооп: Бул үчүн эки тыйынды биринин үстүнө бирин коюу керек, ошондо үчтөн, торттөн тыйыны бар эки катар пайда болот (22-сүрөт).




19-сүрөт.



20-сүрөт.



21-сүрөт.



22-сүрөт.

Дене тарбия боюнча суроолордун жооптору

1-жооп: Дене тарбия.

2-жооп: Греция.

3-жооп: 25 упайга чейин. Эгерде тең чыгып калышса, эки очко айырмасы менен утат.

4-жооп: 22-25 жаштарында.

5-жооп: Жеңил атлетикага.

6-жооп: Мурун менен дем алып, ооздон чыгаруу керек.

7-жооп: Жер шарындагы беш континентти.

8-жооп: Биологиялык жаш.

9-жооп: Зыяндуу адаттар деп.

10-жооп: Гиподинамия.

11-жооп: Ылдамдык.

12-жооп: «Тезирээк, бийигирээк, күчтүүрөөк».

13-жооп: Жылгаякты фигуралуу тебүү, лыжа тебүү, хоккей, биатлон, коньки тебүү, чана тебүү, керлинг ж.б.

14-жооп: Алты адам ойнойт.

15-жооп: 18×9 метрге.

16-жооп: Оюндар өткөрүлүп жаткан мезгилде согуш токтотулган.

17-жооп: 11 оюнчу.

18-жооп: 45 мүнөттөн.

19-жооп: Эскертүүнү.

20-жооп: Жеңил атлетиканы.

21-жооп: Чуркоо.

22-жооп: Бейсбол, ордо, гольф, крикет, сууда сүзүү, велоспорт, волейбол, футбол, гандбол, теннис, жаа атуу, жеңил атлетика, баскетбол, күрөш, бокс ж.б.

23-жооп: 11 метр аралыктан.

24-жооп: Ден соолукту чыңдоо үчүн дене көнүгүүлөрүн жасоо.

25-жооп: 40 метрге, 60 метрден 100 метрге чейинки.

26-жооп: Клюшка.

27-жооп: Арнольд Шварцнеггер - бодибилдинг, Владимир Кличко - бокс, Каныбек Осмоналиев - оор атлетика, Мария Шарапова - теннис, Канатбек Бегалиев – грек-рим күрөшү.

28-жооп: «Ордо» оюнунда.

29-жооп: «Көк бөрү» оюну жөнүндо.

30-жооп: «Кыз куумай» оюнунда.

31-жооп: «Тогуз коргоол».

32-жооп: Кий.

33-жооп: Аут колдонулат.

34-жооп: Гимнастикада.

35-жооп: Бейсболдо.

36-жооп: Биатлон.

37-жооп: Төрт жылда бир жолу.

38-жооп: Баскетбол тобу.

39-жооп: Рекорд коюуга.

40-жооп: Хоккейде.

41-жооп: Стадион, старт, секундомер, спартакиада, спринт.

42-жооп: Волейбол, баскетбол, гандбол, суу полосу, бейсбол, регби, америка футболу ж.б.

43-жооп: Бильярддан.

44-жооп: Сумо.

45-жооп: Англияны.

46-жооп: 20 мүнөткө.

47-жооп: Спорт.

48-жооп: Америка Кошмо Штаттары.

49-жооп: Спорттук форма.

50-жооп: А) 32 ташы болот (16 – ак, 16 – кара). **Б)** Секундомер.

Дүйнө тарыхы боюнча суроолордун жооптору

1-жооп: Чехияда.

2-жооп: Жанна Дарк.

3-жооп: Германияда.

4-жооп: XVI кылымда.

5-жооп: 1812-жылы.

6-жооп: Англия менен.

7-жооп: Патриархат.

8-жооп: 1937-1939-жж.

9-жооп: Улуу Могол империясынын негиздөөчүсү.

10-жооп: Археология.

11-жооп: Халифат.

12-жооп: 1861-жылы 19-февралда.

13-жооп: Тунис өлкөсүнүн.

14-жооп: Шумер цивилизациясы.

15-жооп: Фараон деп.

16-жооп: Наполеон I Бонапарт (1769-1821).

17-жооп: Когурё.

18-жооп: Цинь.

19-жооп: Хорезмшахтар мамлекети.

20-жооп: Улукбектин.

21-жооп: "Улуу асаба" деп.

22-жооп: Осмон империясы.

23-жооп: Иван Грозный.

24-жооп: Нарбото бий.

25-жооп: Франклин Рузвельт.

26-жооп: Полот хан.

27-жооп: Иосиф Виссарионович Сталин (1924-1953-жж.).

28-жооп: Михаил Сергеевич Горбачёв.

29-жооп: Смоленск алдындагы салгылашууда.

30-жооп: Гестапо.

31-жооп: Капитолий.

32-жооп: Францияда. Париж шаарында.

33-жооп: Аляска жана Гавайи штаттары.

34-жооп: Блицкриг.

35-жооп: 1945-жылы 6-9-августта.

36-жооп: Башында пайда болгон кашкасын жашыруу үчүн.

37-жооп: Геродотту.

38-жооп: 1914-жылы башталып, 1918-жылы бүткөн.

39-жооп: Бельгиянын түндүк-батышында жайгашкан Ипр шаарынын алдындагы салгылашууда.

40-жооп: 1929-1933-жылдары.

41-жооп: Владимир Ильич Ленин.

42-жооп: 1920-жылы.

43-жооп: Вячеслав Михайлович Молотов.

44-жооп: Англияда.

45-жооп: Барбаросса планы деп аталган.

46-жооп: Биздин заманга чейинки 776-жылы.

47-жооп: Зевстин урматына.

48-жооп: Лавр жалбырагынан токулган таажы менен.

49-жооп: А) Падышалык өкмөттүн колониялык саясаты. **Б)** Антропология.

50-жооп: А) Фергана аймагында. **Б)** Джордж Вашингтон. Ал 1789-1797-жж. АКШны башкарган.

Информатика боюнча суроолордун жооптору

1-жооп: Экөөсүндө тең, системалык блок менен энелик тактайча бир эле нерсенин ар кыл аталыштары.

2-жооп: Бул эки сөз маанилеш (синоним) сөздөр. Демек, экөөсү тең (бинардык = экилик).

3-жооп: Катуу, ийилчек компакт-дисктер.

4-жооп: Дисковод CD-ROM. CD – Кристиан Диордун инициалдары – Christian Dior.

5-жооп: Логопед.

6-жооп: ***Pascal*** тилинде жазуучу программисттерди.

7-жооп: Интернетке чыгуучу эшик (Интернетке туташтырылган компьютерлери бар класстын эшиги).

8-жооп: Бул ал кимдин компьютерине вирус киргизди ошого жараша болот. Маселен, социалдык абалы жогору адамдардыкын булгаса, иши чатак болот.

9-жооп: Дуглас Энгельбарт.

10-жооп: Тачпад.

1-жооп: Курсор.

12-жооп: Байт.

13-жооп: Файл.

14-жооп: Пробелди (бошту́кту).

15-жооп: Электрондук адрес.

16-жооп: Шрифт.

17-жооп: Паролду.

18-жооп: Программалык башкаруу принциби.

19-жооп: Өзгөрүлбөс маалыматты сакташ үчүн.

20-жооп: Учурдагы маалыматты кыска убакытка сактоо үчүн.

21-жооп: Файл формасында.

22-жооп: Винчестер.

23-жооп: MS Word.

24-жооп: Англиялык математик Ада Лавлейс (1815-1852).

25-жооп: 8 биттен.

26-жооп: Системалык блок, монитор, клавиатура.

27-жооп: Вирус.

28-жооп: Сервер.

29-жооп: Үч дабл ю (www).

30-жооп: 88 бит бар.

31-жооп: Терезе.

32-жооп: Германияда.

33-жооп: "Тыюнг сыйлыгы".

34-жооп: Скайнер менен.

35-жооп: Англис тили.

36-жооп: Монитор. Көзгө зыяның тийгизиши мүмкүн.

37-жооп: Символ.

38-жооп: Карандаш, кисть жана өчүргүч.

39-жооп: CD-ROM дисковод жана үн тактайчасы.

40-жооп: Программалар жана файлдар.

41-жооп: Заливка.

42-жооп: Клавиатурадагы тамгалардын баарын чоң тамгалар менен киргизет.

43-жооп: Принтер.

44-жооп: Клавиатура.

45-жооп: Корзинадан.

46-жооп: Монитор.

47-жооп: Папканын же портфельдин ичине

48-жооп: Интернет.

49-жооп: Редактор.

50-жооп: А) Кегль. **Б)** 107 (көпчүлүк клавиатураларда ушундай, бирок бул стандарттуу эмес).

Кругозор боюнча суроолордун жооптору

1-жооп: Улуттук банктын төрагасынын.

2-жооп: Александр Васильевич Суворовго.

3-жооп: Абада сүттогу кантты сүт кислотасына айландырып жиберүүчү көптогон микроскоптук грибоктор болот. Ушул кислотанын кесепетинен сүт ачыйт.

4-жооп: Кычкылтек С витаминин жок кылат. Кастрюля жабык кезде ичине кычкылтек аз кирет, демек, баалуу витаминдер жакшы сакталат.

5-жооп: Сууда кальций жана магний туздары канчалык көп болсо, ал суу ошончолук катуу болот. Абадагы нымдуулуктан пайда болуучу жамгыр суусунда мындай туздар таптакыр жок. Ошондуктан жамгырдын суусу «жумшак» делет.

6-жооп: Бардык өсүмдүктөрдүн тамыры абага муктаж. Биз өсүмдүктөрдү муздак суу менен суугарганыбызда, алардын тамыры чийки суудагы эритилген абадан өздөрүнө керектүүсүн алышат. Сууну кайнатканыбызда андагы аба буу болуп учуп кетет.

7-жооп: Ар кандай жалтырак нерселер жылуулук нурларын, жалтырабаган нерселерге караганда бир топ азыраак болүп чыгарат. Андыктан сырты жалтырак чайнек тез ысыйт дагы, акырын муздайт.

8-жооп: Бөлмөдө дайыма аба кыймылы жүрүп турат. Абанын жылуу, жеңил катмары өйдө көтөрүлөт, ал эми

терезеге жана муздак дубалдарга жакын аба муздак жана оор болгондуктан төмөн карай агылат. Мына ошондуктан терезеден суук кирип жаткандай туюлат.

9-жооп: Эгерде меш көпко чейин жагылбай калса, анын түтүн чыгуучу трубасынын ичине муздак аба толуп калып, ал түтүндүн жогору карай көтөрүлүүсүнө тоскоол болот. Ошондуктан мештеги от жакшы тартыш үчүн мордогу абаны жылытуу керек.

10-жооп: Кызыл жарык дайыма ойдөдө, жашыл жарык төмөндө, ал эми сары (кээде кызгыл сары) жарык ортодо жайгашат.

11-жооп: Калининград.

12-жооп: Штурвал.

13-жооп: Каска, фуражка, беретка, папаха, шлем, пилотка ж.б.

14-жооп: Даниянын борбору Копенгаген шаарында.

15-жооп: Маяк.

16-жооп: Сервиз.

17-жооп: Москва, Санкт-Петербург, Волгоград, Киев, Минск, Одесса, Севастополь, Новороссийск, Керчь, Тула, Брест.

18-жооп: Коко Шанель

19-жооп: Противогаздын жардамында.

20-жооп: Жаман аял жакшы эрди жер кылат.

21-жооп: Георгий Константинович Жуков.

22-жооп: Каюта.

23-жооп: Океандарда.

24-жооп: Рядовой (катардагы аскер), сержант, старшина, прапорщик, лейтенант, капитан, майор, подполковник, полковник, генерал, маршал.

25-жооп: Тротуар.

26-жооп: Еваны.

27-жооп: Сапёрлор жөнүндө.

28-жооп: Кулагында.

29-жооп: Казарма.

30-жооп: Эшектин.

